СТУДЕНТТЕРДИН КООМДУК, МАДАНИЙ-АГАРТУУЧУЛУК ГЕЗИТИ

Арабаев пресс

И.АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КМУ

№014(02) / ДЕКАБРЬ / 2022-ЖЫЛ

ЖЕЛБИРЕЙТ - БИЛИМ БАЙРАГЫ

# И.АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ - КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ТАРЫХЫ БАЙ, АЛГАЧКЫ КЫРГЫЗ ИНТЕЛЛИГЕНЦИЯСЫНЫН УСТАТЫ, АКЫЛМАН, ИЛИМПОЗ ИШЕНАЛЫ АРАБАЕВДИН ЫСЫМЫН СЫЙМЫКТАНУУ МЕНЕН АЛЫП ЖҮРГӨН ОКУУ ЖАЙ

***- Саламатсызбы Айгүл Төлөковна? Сиз сентябрь айында И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетине ректор болуп дайындалдыңыз. Кызматка киришип жатып, өзүңүзгө кандай максаттарды койдуңуз? Анын ичинен кайсылары ишке аша баштады?***

- И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетине ректор болуп дайындалганыма туура үч айдын жүзү болду. Конкурска катышаардын алдында өзүмдүн 5 жылдык стратегиялык өнүгүү программамды иштеп чыгып, сунуштагам. Ошол прогаммада көрсөтүлгөндөй, менин негизги максатым университетте өз адистигин мыкты билген жана сүйгөн кесипкөй адистерди даярдоо болуп саналат.

Ал эми студенттерге сапаттуу билим берүү үчүн алгач ага шарт түзүп берүү зарыл. Биздин 6 окуу корпузубуз жана 350 кишиге ылайык 1 студенттик жатаканабыз бар. Аталган корпустардын бардыгы заманбап техникалар менен жабдылган, кышкысын жылуу, жайкысын салкын. Студенттердин терең билим алуусу үчүн керектүү шарттар түзүлгөн. Бардык түзүмдүк курамдарда окуу залдары жана китепканалар бар. Ошондой эле, китепканалар электрондук китептер менен дагы жабдылган. Сырттан окуган студенттер көбүнчө электрондук китепкананы пайдаланып, керектүү китептерин буюртма кылып окушат. Окуу жайыбыз аккредитациянын талаптарына толук жооп берет.

Учурда Билим берүү жана илим министрлиги мектептерди 12 жылдык билим берүү системасына өткөрүүнү көздөп жатат. Эгер бул система ишке кире турган болсо, билим берүү методикасына дагы өзгөрүүлөр кирет. Биз жаңы методика менен иштей ала тургандай мугалимдерди даярдап беришибиз керек. Учурда жогорудагыдай заманбап өзгөрүүлөрдү эске алуу менен жаңы адистиктерди ачууну көздөп жатабыз. Ошондой эле, быйыл окуу жайыбызда кош адистиктер ачылды. Кош адистикке болгон талап абдан жогору болду. Бул деген - бүтүрүүчү өзүнүн негизги адистигине жакын дагы бир адистикти алып чыгат дегенди билдирет. Мындай шарт университетти аяктаган бүтүрүүчүлөрдүн жумуш менен камсыз болуусун жеңилдетет десем болот.

Ошондой эле, менин стратегиялык программамда «Санарип университет» прогаммасы орун алган. Санарип университет бул – электрондук документ жүргүзүү системасы. Учурда аталган программа дээрлик иштеп жатат. Биздин окуу корпустарыбыз баары бир жерде жайгашкан эмес, андыктан бул система документ алмашууда мугалимдер жана административдик кызматкерлер үчүн жеңилдик жаратып, ашыкча убаракерчиликти жоёт. Ошондой эле, жумуштун ыкчамдыгын арттырат.

Мындан сырткары «Санарип университет» программасында электрондук журнал камтылган. Электрондук журнал аркылуу студенттердин сабакка катышуусу электрондук түрдө көзөмөлдөнүп турат. Студент ар бир дарскананын эшигине жайгаштырылган QR кодду чөнтөк телефонуна жакындатып, электрондук журналга өзүн-өзү каттайт. Аталган журналдын максаты студенттердин сабакка катышуусун камсыздоо болуп саналат. Билим алуунун сапатын жогорулатуу үчүн эң биринчи шарт студенттин сабакка катышуусу десек болот.

Программада дагы бир орчундуу бөлүм катары илимий изилдөө иштерин өркүндөтүү каралган. Учурда бизде 7-8 диссертациялык кеңеш иштейт. Биз ошол кеңештерди көбөйтүп, заман талабына ылайык жаңы адистиктерди ачуубуз зарыл. Учурда бул багытта сүйлөшүүлөр жүргүзүлүп, ишке ашыруу үчүн кадамдар жасалууда.

***- Университет тууралуу кенирээк айтып берсеңиз.***

- И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети - Кыргыз Республикасындагы тарыхы бай, алгачкы кыргыз интеллигенциясынын устаты, акылман, илимпоз Ишеналы Арабаевдин ысымын сыймыктануу менен алып жүргөн окуу жай.

Бизде 5 институт, 9 факультет жана 5 колледж бар. Студенттердин саны 14 миңге жакын. Ал эми мугалимдердин саны 1000дей, алардын ичинен 400гө жакынын илимдин кандидаты, доктору жана окумуштуулук наамдары бар доцент, профессорлор түзөт. Учурда PhD докторантура илимий даражасына ээ болгон кызматкерлерибиз дагы бар. Ошондой эле, аспирантурада окуган аспиранттарыбыздын саны дагы арбын. Жаштарды илимге тартуу максатында жыл сайын бюджеттик негизде 15-20 аспирант кабыл алабыз. Алар мамлекеттик стипендия алып, акысыз окушат. Быйылкы окуу жылдагы өзгөчөлүк университеттерге кышкы кабыл алуунун киргизилүүсү болду. Ушул жылдын 20-декабрынан тартып, абитуриенттерди кабыл ала баштайбыз. Жайында жалпы республикалык тестирлөөнүн босого баллынан өтпөй калган же университетке тапшырууга жетишпей калган абитуриенттер үчүн өтө жакшы мүмкүнчүлүк түзүлүп жатат.

***- Окуу жайдын эл аралык байланыштары жана кызматташтыктары тууралуу айтып берсеңиз.***

- Биздин университет жакынкы жана алыскы чет мамлекеттердин элчиликтери менен дайыма тыгыз байланышта. Жалпысынан дүйнөнүн 90го жакын мамлекети менен кызматташып келебиз. Алардын ичинен Казакстан, Россия, Өзбекстан сыяктуу жакынкы чет мамлекеттер менен өтө тыгыз байланыштабыз. Чет өлкөлүк жогорку окуу жайлар менен



адистиктерге жараша институт, факультет жана кафедралардын ортосунда да келишимдер түзүлгөн. Алсак, университетибиздеги педагогика факультети Москва педагогикалык мамлекеттик университетинин өздөрүнө тектеш факультеттери менен биргеликте семинар, тренингдерди өткөрүп турушат. Мындан сырткары, академиялык мобилдүүлүк программасынын негизинде биздин жакшы окуган, алдыңкы студенттерибизди 1-2 семестрге чет өлкөлүк окуу жайларга жиберип турабыз. Ал жакта акысыз билим алышат жана жатакана менен камсыз болушат. Ошондой эле, чет өлкөлүк студенттер бизге келип окуй алышат. Мындай мүмкүнчүлүк студенттердин дүйнө таанымынын кеңейишине шарт түзөт.

Чыгыш таануу жана эл аралык мамилелер факультетинде кытай, корей, түрк жана араб тилдери адистик катары окутулат. Мисалы, кытай тилин негизги адистик катары окуган студенттер онлайн форматта Кытайдагы университеттерден дагы билим алып жатышат. Университетти аяктаганда диплом менен чогу чет өлкөлүк окуу жайлардын сертификаттарына да ээ болушат.

Мындан сырткары, PhD докторантура программасынын жобосуна ылайык, докоранттардын эки илимий жетекчиси болуусу керек. Жетекчилердин бири чет өлкөдөн болуусу шарт. Ошондой эле, чет өлкөдөн стажировкадан өтүшү керек ж.б. Андыктан, PhD докторанттарын даярдоо жаатында дагы чет өлкөлүк окуу жайлар менен тыгыз кызматташып жатабыз.

Учурда Венгрия мамлекетинин элчилиги менен сүйлөшүүлөр жүргүзүлүп жатат. Жакында биздеги чет тилдер жана компьютердик лингвистика факультетинин базасында Венгр тили жана маданияты борбору ачылганы турат. Мындай борборлор окуу жайыбызда көп, алардын артыкчылыгы студенттердин чет тилдерди жогорку деңгээлде үйрөнүүсүнө өбөлгө түзөт. Ошондой эле, Япония мамлекети менен биргеликте япон таануу институтунун базасында маалыматтык технологиялар адистигин ачканы жатабыз. Бул максатыбыз ишке ашса, аталган адистикте окуган студенттер акысыз билим алат жана 2 жыл биздин окуу жайда, 2 жыл Японияда окуп, кош дипломго ээ болушат.

***- Быйыл окуу жай ысымын алып жүргөн улуу кыргыз агартуучусу И.Арабаевдин 140 жылдыгы. Бул датага карата университетте кандай иштер аткарылып жатат?***

- И.Арабаевдин 140 жылдыгы КР Министрлер кабинети тарабынан 2022-жылга карата түзүлгөн республикалык маанидеги маарекелик иш-чаралардын тизмесине бекитилген. Ага ылайык, И.Арабаевдин 140 жылдыгы мамлекеттик жогорку деңгээлде өткөрүлүүсү керек.

Маарекенин негизги жооптуулары катары Билим берүү жана илим министрлиги, Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги жана КР Илимдер академиясы белгиленген. Ал эми биздин университет И.Арабаевдин атын алып жүргөндүгүнө байланыштуу Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан маарекени өткөрүүгө жооптуу болуп бекитилген.

И.Арабаевдин 140 жылдыгын өткөрүү үчүн атайын бекитилген иш пландын негизинде жигердүү иштер жүрүп жатат. Ал эми, ушул жылдын 22-декабрында И.Арабаевдин 140 жылдыгына арналган мамлекеттик деңгээлдеги илимий-практикалык конференция университетибиздин базасында өткөрүлгөнү жатат. Аталган илимий-практикалык конференцияга университетибиздин байланышы бар чет өлкөлүк окуу жайлардын жетекчилери, элчиликтердин өкүлдөрү чакырылды. Президенттик аппараттан, Министрлер кабинетинен, Жогорку Кеңештен ж.б. башка чакырылган конокторубуз бар. Маарекени өткөрүүгө өтө чоң жоопкерчилик менен даярдык көрдүк. Университеттин короосун, чоң жыйындар залыбызды оңдоп-түзөөдөн өткөрдүк. Ошондой эле, окуу жайыбыздагы музейдин бир бөлүгүн И.Арабаевдин ишмердүүлүгүнө арнадык. Музей толугу менен реконструкцияланды, 22-декабрда салтанаттуу түрдө ачылганы турат.

Университетибиздин базасында түзүлгөн «И.Арабаев таануу» илимий-изилдөө борбору агартуучунун 140 жылдыгына карата өтө алгылыктуу иштерди жасап жатат. Борбордун жетекчиси Жумагул Байдилдеев жакында эле Ташкент шаарына барып, архивден белгилүү инсандын белгисиз маалыматтарын издеп, таап келди. Жаңы табылгалар илимий-практикалык конференцияда айтылат. Ошондой эле, И.Арабаевдин 5 томдук китеби чыгарылды. Агартуучунун өмүр жолу, кыргыз элине кошкон салымы, ишмердүүлүгү камтылган, сүрөттөрү менен кербен китеп чыгардык. Бул китеп студенттер арасында колдон колго өтүп окулат.

Андан сырткары, окуу жайыбызда эл аралык илимий конференциялар, семинарлар байма-бай өткөрүлүүдө. Агартуучуга байланыштуу иш чаралар биздин окуу жайыбызда эле эмес, башка жогорку окуу жайларда, Казакстан, Түркия өңдүү чет мамлекеттерде дагы өткөрүлүп жатат. Ал жакта университетибиздин атынан атайын өкүлдөр, тарыхчылар Ишеналы Арабаевдин басып өткөн жолу, ишмердиги тууралуу баяндамаларды жасап, көргөзмөлөрдү тартуулап жатышат.

Ишеналы Арабаев илимпоз, агартуучу, ошондой эле кыргыз мамлекетинин түптөлүшүнө салым кошкон инсандардын бири. Чет жерлерде билим алып келип, өмүрүн билим берүүгө арнаган. Андыктан ушундай инсанды даңазалоо, элге кылган эмгегин жаш муундарга жеткирүү баарыбыздын милдетибиз.

***- Маанилүү маегиңиз үчүн редакциябыздын атынан ыраазычылык билдиребиз.***

МАЕКТЕШКЕН
**МЭЭРИМ СЫДЫГАЛИЕВА**

АНАРА АРАБАЕВА - ИШЕНАЛЫ АРАБАЕВДИН БИР ТУУГАНЫ ӨМҮРБАЙ АРАБАЕВДИН ЧӨБӨРӨСҮ:

# «ЧОҢ АТАБЫЗ ҮЙДӨ ДА БАЛДАРДЫ ОКУУГА ҮНДӨЧҮ ЭКЕН»

АРАБАЕВА АНАРА АСАНКАНОВНА ИШЕНАЛЫ АРАБАЕВДИН БИР ТУУГАНЫ ӨМҮРБАЙДЫН ЧӨБӨРӨСҮ. 1970-ЖЫЛЫ БИШКЕК ШААРЫНДА ТӨРӨЛГӨН. 1977-1987-ЖЫЛДАРЫ КОЧКОР РАЙОНУНДАГЫ КОМСОМОЛ ОРТО МЕКТЕБИНДЕ ОКУП, 1988-ЖЫЛЫ КЫЗ-КЕЛИНДЕР ПЕДАГОГИКАЛЫК ИНСТИТУНА ТАПШЫРГАН. КИЙИН АЛ ОКУУ ЖАЙГА ЧОҢ АТАСЫНЫН АТЫ БЕРИЛИП, 1993-ЖЫЛЫ И.АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ПЕГАГОГИКАЛЫК ИНСТИТУТУНУН МАТЕМАТИКА ФАКУЛЬТЕТИН АЯКТАГАН.

***- Атактуу чоң атаңыз жөнүндө айтып берсеңиз?***

Арабай атабыздын эки уулу болгон экен: Ишеналы жана Өмүрбай. Биз Өмүрбай атадан тарагынбыз. Анын төрт уулу болуптур, бири Калмурза, Калмурзанын уулу Асанкан. Мен Асанкандын кызы болом.

Ал эми, Ишеналы атабыздын Эркин деген уулу жана Аккагаз деген кызы болгон. Эркин Арабаевдин эки уулу болгон. Өзү кайтыш болуптур. Балдары Орусияда деп укчубуз. Бирок, байланышыбыз жок тилекке каршы. Аккагаз Арабаева болсо Кыз-келиндер педагогикалык институтун (учурда И.Арабаев атындагы КМУ) бүтүрүп, көп жылдар бою ошол окуу жайда иштеп, кийин каза болгон. Анын Эмма деген жалгыз кызы болгон. Күйө баласы Марат Токомбаев (Аалы Токомбаевдин иниси) болгон экен. Алардын Медер жана Малик деген уулдары болуптур. Кызыгы, мен, Ишеналы Арабаев - чоң атабыздын бир



тууганы экенин университетте окуп жүргөн мезгилде билдим. Себеби, мени төрөлгөнүмө 15 күн болгон кезде таята-тайенем багып алган экен.

Кийин, туугандардан сураштырып олтуруп, Арабай тукумун тизмелеп чыктым.

***- Алгачкы кыргыз агартуучусунун урпактары анын пегагогдук кесибин улантыштыбы?***

- Арабаевдердин урпактарынын арасында агартуучулук жолду тандап, мугалим болгондор арбын. Алардын бири Өмүрбай атабыздын Баймырза деген уулунун кыздары Майрамкан жана Нурипа Арабаевалар. Майрамкан эже Кыз-келиндер педагогикалык институтун бүтүрүп, ошол жакта мугалим болуп иштеген. Ишеналы Арабаевге байланышкан иш чаралардын бардыгына катышчу. Арабаев жөнүндө фильм тартылып жатканда да ошол жерге барган экен. 140 жылдыкка деп даярданып жүрүп, жакында каза болуп калды. Нурипа эже көптөгөн жылдар бою аталган окуу жайда эмгектенип келген. Учурда ардактуу эс алууда.

***- Сиздин үй- бүлөңүз Ишеналы чоң атаңыз тууралуу эмнелерди айтышат? Ал кандай адам болгон экен?***


- Чоң атабыз үйдө да балдарды окууга үндөчү экен. Көзү курч болгон дешет. Ошондуктан, жаш балдарды көзүгүн калбасын деп тике карабай, кыйгач карап сүйлөчү экен. Сүрөттөрүнүн арасында да түз карап түшкөн сүрөтү жок. Сүрдүү адам болуптур. Элге жардам бергенди жакшы көрчү экен.

«Алтыдагы бөбөккө алиппени тааныткан, адамзатты илимге алып кирген даанышман» деп талантуу акын Жолон Мамытов сүрөттөгөндөй Арабаевдин кыргыз элине сиңирген эмгеги зор экенин, жасаган иштери, жазган эмгектери баа жеткис жана көөнөргүс экенин айтар элем. Жаштарга айтарым Арабаевдей өз элин, жерин чексиз сүйгөн, эл агартууга бардык күч-аракетин жумшаган, кыргыз элин дүйнөгө тааныткан илимдүү, билимдүү атуулдар болушун каалайм.

***- Өзүңүз жөнүндө кененирээк айтып берсеңиз?***

Алгачкы эмгек жолум Кочкор районунун Орток айылындагы орто мектептен башталган. 1996-жылдан тарта аталган райондун Ак-Жар айылындагы Бейшенбек Иманалиев атындагы орто мектепте математик мугалим болуп иштеп келе жатам. Атабыздын атындагы окуу жайды аяктагандыгым жана ал адамдын агартуучулук жолун улап, мугалим болуп, балдарга билим, тарбия берип жаткандыгым мен үчүн чоң сыймык. Жолдошум менен бирге төрт баланы тарбиялап чоңойттук. Учурда 4 уулубуз, 3 келинибиз жана 4 неберебиз бар. Эки келиним менин жолумду жолдоп мугалимдик кесипти тандап алышты. Улуусу И.Арабаев атындагы КМУну аяктап, учурда мектепте сабак берип иштейт. Кичүүсү аталган университетти ушул жылы аяктайт.

МАЕКТЕШКЕН
**МЭЭРИМ СЫДЫГАЛИЕВА**




АБДИЛ ШЕРМАТОВ:

# АРАБАЕВДИН ӨМҮРҮНӨ ЖАНА ИШМЕРДИГИНЕ БАЙЛАНЫШТУУ ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨЛӨР КӨП, БУЛ КУБАНДЫРА ТУРГАН КӨРҮНҮШ

АБДИЛ ШЕРМАТОВ – АДАБИЯТЧЫ. И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ БӨЛҮМҮНДӨ ЭМГЕКТЕНЕТ. БИР НЕЧЕ МАКАЛАЛАРДЫН, ЫРЛАРДЫН АВТОРУ. «И. АРАБАЕВ. АГАРТУУЧУЛУК ИДЕЯЛАРЫНЫН ТАБИЯТЫ» АТТУУ МАКАЛАСЫ ТУУРАЛУУ АБДИЛ ШЕРМАТОВ МЕНЕН МАЕКТЕШЕБИЗ.

***- Саламатсызбы, сиздин «И. Арабаев. Агартуучулук идеяларынын табияты» аттуу макалаңызды окугандар жакшы кабыл алышыптыр. Макала эмне жөнүндө, сиз анда кандай маселелерге басым жасадыңыз?***

- Макала, аты айтып тургандай, И. Арабаевдин агартуучулук идеяларынын табияты жөнүндө. Тарыхый жактан алганда Агартуучулук феодализмден капитализмге өтүү доорундагы прогрессивдүү, 18-кылымдагы европалык буржуазиялык революциялардын идеологиялык жактан даярдаган идеялык агым. Ал өзүнүн турмуш чындыгына карата активдүү сынчыл мамилесин Акылдын шарапаты менен позитивдүү программага айлантып, бүтүндөй христиан дүйнөсүн кайра куруута жана өркүндөтүүгө алып келген. Мындай маданий кубулушту түптөгөн дүйнөнүн орошон ойчул титандары (Вольтер, Ж. Ж. Руссо, Ф. Шиллер, И. В. Гёте, Т. Пейн, А. Н. Радищев ж.б.) Акылдын үстөмдүк кылышына, ойду эркиндикке алып чыккан илим-билимге, личносттун суверенитетине басым жасашкан жана динге караманча каршы болушкан. Эгерде Агартуучулуктун тарыхый мааниси ушундайча трактоваланса, динге ишенген жана негизинен диний билим алган И. Арабаевдин агартуучулук ишмердиги кандай кабыл алынат? Ырас, Агартуучулуктун көп колдонулган дагы бир мааниси – билимди, билим берүүнү жайылтуу (СЭС, М., 1984, 1066-б). Бирок чыныгы билимдин диний түшүнүк менен дайыма эле дал келе бербеген жагы бар. Макалада мен чечмелеп, түшүнүүгө аракет кылган маселе – ушулар.

***- И. Арабаев тууралуу көптөгөн изилдөөлөр бар. Сиз өзүңүздүн эмгекти изилдөө катары ордун кандай баалайсыз? Изилдөөңүз эмнеси менен айырмаланат?***

- И. Арабаевдин өмүрүнө жана ишмердигине байланыштуу илимий изилдөөлөр көп, бул кубандыра турган көрүнүш. И. Арабаевдин ишмердигине байланыштуу изилдөөлөрдү такай жүргүзбөгөндүктөн, менин макалам мунусу менен айырмаланат деп айта албайм. Мында мен, Агартуучулуктун ислам дүйнөсүндөгү өзгөчөлүгүн И. Арабаевдин ишмердигинин мисалында карооого аракеттендим.

***- Макалада И. Арабаев тууралуу кандай жаңы нерселерди жаздыңыз, кандай маанилүү идеяларды көтөрдүңүз?***

- Мен И. Арабаев жөнүндө жаңы нерселерди жаздым, жаңы идеяларды ачтым деп айтканга уятым жол бербейт жана моралдык укугум да жок. Бул макалада жадыбалдай жат болуп калган тарыхый окуяларды, фактыларды салыштырып, анализдеп, И. Арабаев жашаган доордун бүдөмүк жактарын илимий өңүттөн тактап алуу жана түшүнүү аракети жасалды. Маселен, жогорудa белгилегендей, карама-каршылыктуу ой жаратып жаткан ушул эле Агартуучулук маселесин алалы. Агартуучулук дегениң абстрактуу түшүнүк, ошону менен бирге ал тур-



муш чындыгынын кыртышынан өсүп чыгат жана аны кайра жаңылап-жаратыш үчүн пайдаланылат. Демек, ал жандуу турмуш менен бирге өнүгүп-өсүп отурган татаал кубулуш. Ошондуктан биз анын тарыхый кыймылын эсепке алышыбыз керек. Бул диалектиканын талабы. Айталы, эң оболу диний догмаларды жээрип, акылдын үстөмдүгү, личносттун жана ойдун эркиндиги үчүн күрөшкөн Батыш Агартуучулугунун идеялары материалдашып, жеке демилге, жаратмандык иш дүркүрөп өнүккөн илим жана техника менен коштолду. Ал илимий билимге негизделген өндүрүштү жана өндүрүштүк мамилелерди жаратkan, коомдун бардык структураларын ошого адекваттуу өнүгүүсүн шарттаган капиталисттик система. Анын күргүттөп күч алышы эң оболу Ислам дүйнөсүнүн ага даяр эмес экенин жана анын илим-билимден артта калганын ачык көрсөттү.

Ырас, Ислам дүйнөсүнүн билимдүү катмары Батышты алдыга чыгарган илим менен билим экенин билген жана исламдык билим берүү системасын реформалоонун зарылдыгын айтышкан. Ушундай тарыхый кырдаал эң оболу исламдык билим берүүдө мусулман менталитетин цивилизациянын ачылыштары менен жетишкендиктерине ылайыкташтыруу маселесин курч койгон.

Ошентип, мусулмандарга билим берүүнүн жаңы шартка ылайыктап модернизациялоо идеясы бүтүндөй ислам коомчулугуна жайылган. Аны биринчилерден болуп Россиядагы татар аалымдары иштеп чыккан (Г. Курсави, Ш. Маржани) жана ишке ашырган (И. Гаспринский). Муну алардын поликонфессионалдуу, динчилдерге кысым көрсөтүлбөгөн өлкөдө жашаганы, ислам дининин, анын диний-философиялык доктриналарынын жана традицияларынын өктөм таасирине түздөн-түз кабылбаганы жана газит, китептер аркылуу дүйнөдө болуп жаткан өзгөрүүлөрдөн кабардар экени менен түшүндүрсө болот. Алар мусулман мектептерине диний предметтер (Куран) менен бирге гуманитардык жана так илимдер боюнча (математика, биология, география ж.б.) предметтерди киргизишкен жана аларды жаңы усул-и жадид методу менен окутушкан. Булар исламдык билим берүү менен европалык билим берүүнүн симбиозу сыяктанган мектептер болгон.

Эмне үчүн ислам аалымдары окутуунун ушундай формасын тандашкан? Анткени алар Батыштын үлгүсүндөгү билим берүүнү сокур туураганга каршы болушкан, мусулмандар Батыштын жашоо ыңгайына, маданиятына оош кетет деп чочулашкан. Ошондуктан жаңы усул-и жадид методу менен мусулман мектептерине билим берип жаткандар классикалык исламдын рухий баалуулуктары жана нормалары сакталса, европалыктардын илимий-техникалык билимин өздөштүрүү аркылуу ислам окуучуларынын илимий негизде ойлонушуна жол ачылат деп эсептешкен. Усул-и жадид методу, же жадидчилик кыймылы, ислам коомунда башталган өзгөрүүлөрдүн туундусу жана ал илимий билимди жайылткан Ислам дүйнөсүндөгү Агартуучулук кыймылынын үлгүсү.

И. Арабаев билим алууга аттанган мезгилде Россиядагы конфессионалдуу билим берүү системасында ушундай өзгөрүүлөр жүрүп жаткан. Анын агартуучулук идеялары ошол доордун чакырыктарына жооп иретинде жаралган жана цивилизациянын даңгыр жолунан окчун жашаган калкын билимдүү кылсам деген максатты көздөгөн. И. Арабаевдин М. Кылычтын «Зилзаласына» жазган баш сөзү (1911-ж., Уфа), курсташы Х. Сарсекеев менен биргеликте жазган «Алифба йаки төтө окуу» аттуу алиппеси (1911-ж.), «Жазуу өрнөктөрү» аттуу окуу китеби (1913-ж.) – анын агартуучулук идеяларынын ишке ашкан долбоору десек жаңылбайбыз. Мында ал ошол кезде кеңири колдонулган усул-и жадид методу менен окутуп, балдарды оозеки оюн айтканга, сыпаттап жазганга, жазма аркылуу пикирин түшүндүргөнгө үйрөтүп, алардын таанып билүүгө ынтызарлыгын калыптандырган. Таанып билүүчүлүктүн эң өркүндөгөн жана назик түрү – илимий ойлом. Аны өздөштүргөн бала ой чабытына эркиндик бергенге, анализ жасаганга көнөт. Бул ичте, рухий дүйнөдө жүрө турган процесс. Мына ушул процесс индивиддин таанып-билүүгө тиешелүү керектөөлөрүн канааттандырат.

***- Кандай булактарды колдондуңуз?***

- Китепканадагы И. Арабаевге тиешелүү айрым китептерди окуп чыктым.

МАЕКТЕШКЕН
**ЗАРИНА ЭСЕНБАЕВА**

# АЛГАЧКЫ АГАРТУУЧУ – ИЛИМПОЗ, "АЛИППЕНИН" АВТОРУ ИШЕНАЛЫ АРАБАЕВ ТУУРАЛУУ 7 ФАКТЫ





**Ишеналы Арабаев** – XX кылымдын башындагы залкар кыргыз илимпоз-агартуучусу, коомдук ишмер, «Алаш Ордо» партиясынын мүчөсү, кыргыз советтик агартуу системасын түптөөгө жана кыргыз тарыхынын жана маданиятынын калыптанышына эбегейсиз зор салым кошкон.

Алгачкы «Алиппе» китебин жазып, улуттук алфавиттин уңгусун түзүп, кыргыз жазуу маданиятын калыптандыргандардын бири болгон Ишеналы Арабаевдин ишмердиги көп убакыт күн жүзүнө чыкпай, эми гана татыктуу ордун таап жатат. Кыска өмүрүн сабатсыз кыргыз калкы илимдүү-билимдүү болуп, өз маданиятын таанып билсин деген улуу максатка арнаган залкар инсан тууралуу кызыктуу фактыларды сунуштайбыз.

**Билимге арналган өмүр.** Кыргыз элинин алгачкы агартуучу-илимпозу Ишеналы Арабаев 1882-жылы Кочкор районунун Күн-Батыш айылында жарык дүйнөгө келген. 1900-жылы жергиликтүү мектепти аяктаган соң он жылга жакын кыргыз айыл-кыштактарында мугалим болуп эмгектенген. Агартуу жолундагы башкы максаттарын ишке ашыруу үчүн алгач өзү билимдүү болуусу керек экенин түшүнүп, 1910-жылы Россиянын Оренбург шаарындагы "Кусания" медресесинде окуй баштайт. Бул жерде бир жыл билим алган соң Уфа шаарындагы "Галия" медресесинде эки жыл билим алат.

**Мектеп ачып, элди окуткан.** Арабаев студент кезинде эле коомдук иштерге катышып, бир катар илимий-агартуучу макалаларды жазат. 1911-жылы Казань шаарында акын Молдо Кылычтын "Кысса зилзалаксын" кыргызча китеп кылып басмадан чыгарган. Ушул эле жылы казак студенти К.Сарсекеев менен бирге эки элдин балдары үчүн "Алиппе жаки төтө окуу" (Алиппе жана шар окуу) китебин жазат. Бир жылдан соң Оренбургда "Жазуу өрнөктөрү" китебин чыгарат. 35 беттен турган китепте жазуу эрежелери жана тамгаларды коoз жазуу үлгүлөрү түшүндүрүлгөн. Россиядан билим алып келген соң 1913-1916-жылдар аралыгында Ысык-Көл жана Нарын аймактарында мектеп ачып, элдин сабатсыздыгын жоюу үчүн жан үрөп иштей баштайт.

**Кытайда калган кыргыздарды кайтарган.** Ишеналы Арабаевдин элге билим берүү боюнча иштерин 1916-жылдагы Үркүн токтотту. Эл менен Кытайдын Үч-Турпан деген жерине качып барат. Ал жерден 1917-жылдагы революциядан кийин өз мекенине кайтып келген. Агартуучу өз жерине келгенден кийин Кытайда калып калган мекендештерин кайтаруу үчүн алгылыктуу иштерди жасай баштайт. Элинин тагдырына кайдыгер болбой Лениндин өзүнө кат жазып, кытай жериндe калган кыргыздарды алып келүүгө акча бөлдүртөт. Ал гана эмес, жеке өзү да Кытайга эки жолу барып кыргыздар менен жолугуп келет. Натыйжада 1920-жылы 300 миңге жакын кыргыз жана казак өз жерине кайтат.

**Мугалимдерди даярдаган.** Агартуучу жаңы орногон советтик бийликти кубануу менен кабыл алган. Бүт өмүрүн элдин сабатсыздыгын жоюуга арнаган ишмерге жаңы бийликтин карапайым калкты агартуу саясаты өтө жаккан. Бир катар жоопту кызматтарда иштеп, өлкөнүн коомдук жана саясий иштерине активдүү катышып, аны менен бирге кыргыз мектептерине мугалимдерди даярдай турган алгачкы курстарды уюштурат. 1924-жылы Түркстан АССРинде уюшулган Илимий комиссияны жетектеп турганда арифметика, табият таануу жана география сыяктуу илимдерди камтыган бир катар окуу китептерин жарыкка чыгарат. Элдик оозеки чыгармаларды жыйноо менен бирге улуу манасчы Сагымбай Орозбак уулунан «Манас» эпосунун вариантын жаздырып алуунун демилгечиси болгон.

**Алгачкы "Алиппенин" автору.** Арабаев 1924-жылы түзүлгөн Кыргыз автономиялуу облусунун коомдук иштерине да өз салымын кошкон. «Эркин-Тоо» гезитин негиздөөгө катышып, анын биринчи санына агартуучунун калемине таандык макала чыккан. Элди караңгылыктан чыгаруу максатында араб арибинин негизинде туңгуч кыргыз алфавитин, «Кыргыз алиппесин», грамматика жана табият таануу боюнча биринчи кыргызча окуу китебин, «Сабатсыз чоңдор үчүн алиппени» жана кыргыз мугалимдерине колдонмо иретинде «Саамалык» аттуу китепче жазып, анда он бир сабактын үлгүсүн берген. Арабаевдин агартуу жаатындагы ишмердиги жалпы кыргыз элинин сабаттуу болуусуна өбөлгө болуп, ал жазган "Алиппе" улам жаңыланып олтуруп азыркы кезге чейин жеткен.

**Репрессиянын курмандыгы.** 1930-жылы башталган репрессия кыргыздын көптөгөн тың чыкма азаматтарынын башын жуткан. Ошол каардуу заманда «Социал-Туран партиясын» уюштурган деген жалган жалаа менен камакка алынгандардын катарында Ишеналы Арабаев да бар эле. Ал 1933-жылы 11-майда камакка алынып, Фрунзеден Ташкенттеги түрмөгө которулган. Ошол эле жылы 7-июнда эртең менен Арабаев жаткан камерага ташкенттик тергөөчү С.Левшин кирип чыккан. Ал эми кечинде камерадан Ишеналы Арабаевдин сөөгү табылган. Илимпоз 1958-жылы толугу менен акталган.

**Унутулбаган өмүр.** Ишеналы Арабаевдин аты Бишкек шаарындагы Кыргыз мамлекеттик университетине берилген. Окуу жайдын ичинде музей уюштурулуп, анда улуу инсандын эмгектери жана китептери коюлган. Ысык-Көл облусунун Тоң районуна караштуу Туура-Суу айылындагы мектеп жана маданият үйү улуу инсандын атын алып жүрсө, Уфа шаарында анын урматына эскерүү тактасы коюлган. Ал жыйырмага жакын китеп жазган. Кыргыз эли эч качан Ишеналы Арабаевдин кылган эмгектерин унутпайт жана ар дайым ардактайт.



ДАЯРДАГАН
**ГБФНИН АГА ОКУТУУЧУСУ Т.АЛЫБАЕВА**

---

ТЕМИРБЕК УУЛУ ИДЕАТ:

# «МУЗЕЙДЕ УНИВЕРСИТЕТТИН ТАРЫХЫ МЕНЕН ГАНА ЭМЕС, И.АРАБАЕВДИН ӨМҮРҮ, ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ТУУРАЛУУ ДА КЕҢИРИ ТААНЫША АЛЫШАТ»











Быйыл 2022-жылы И.Арабаевдин 140 жылдык маарекеси мамлекеттик деңгээлде белгиленип жатат. Маарекенин алкагында өтүлүүчү иш чаралардын планында университеттин музейине байланыштуу иштер да кирген. Музейди кайра түзүү иштерин И.Арабаев атындагы КМУнун ректору, профессор Айгүл Төлөковна Абдраева өзү демилгелеп, эмеректерин жасатуу, экспонаттар менен толуктоо иштери үчүн тиешелүү тараптарга тапшырма берген. Пландоо, эскизин иштеп чыгуу, материалдар менен толуктоо иштери Идеат Темирбек уулуна тапшырылган.

Э.Ж.Маанаев атындагы Тарых жана социалдык-укуктук билим берүү факультетинин деканынын орун басары Идеат Темирбекович учурда кызматында иштеп, музейдин кайра түзүү иштерин жетектөөдө.

***- Саламатсызбы? И.Арабаев атындагы КМУ музейинин негизги идеясы эмнеде? Залкар агартуучу жана мамлекеттик ишмер И.Арабаевдин масштабын кеңири аудиторияга кантип жеткирүүнү каалайсыз?***

- Өзүм музей тармагында 14 жыл иштеп, музей таануу боюнча көптөгөн китептерди, буклеттерди басып чыгардым. Бир канча музейлерди түзүүгө катышып, тажрыйба топтой алдым. Ошондуктан университеттин музейин түзүү ийгиликтүү болот деген ишенимдемин. Музей түзүү үчүн концепция, структуралары иштелип чыккан. Негизги идея катары Кыргызстандагы билим берүүнүн өзөктүү этаптарын университеттин музейи аркылуу чагылдыруу каралууда.

***- Учурда музей кандай материалдар менен толукталган?***

- Музейде университеттин тарыхы гана эмес, И.Арабаевдин өмүрү, чыгармачылыгы тууралуу кеңири тааныша алышат. Өзгөчө И.Арабаевдин сейрек кездешүүчү фотосүрөттөрү, документтери берилет. Ошондой эле университет түптөлгөндөн баштап бүгүнкү күнгө чейинки тарыхын чагылдырган материалдар коюлат. Биз музейди азыркы заманбап усулдарды колдонуу менен түзүүнү көздөгөнбүз. Өзгөчө билим берүүнүн тарыхы чагылдырган айрым макеттер кызыктуу болот деген ойдомун. Фотодокументалдык материалдар көп болгондуктан аларды медиастанциялык экран аркылуу берүү шарты болот. Музей жөн гана көрүүчүлөрдү кабыл алуучу жай болбостон, ал жерде башка иш чараларды өткөрүү да каралган. Ал үчүн атайын парталар, столдор, отургучтар коюлат.

***- Көргөзмө мейкиндиги кантип түзүлөт жана көчмө көргөзмөлөрдү практикалайбы? Музейдин аудиториясы ким?***

- Музейде башка убактылуу көргөзмөлөрдү өткөрүү үчүн атайын аянт калтырылган. Ал жерде оңой трансформациялана турган эмеректер жайгаштырылат. Музейдин негизги көрүүчүлөрү- бул студенттер. Мындан тышкары чет элдик коноктор, билим берүү тармагындагы адистер, педагогдор келип көрө алат. Профориентациялык иштин алкагында музей абитуриенттерге да кызыктуу болот деп ишенем. Биз үчүн алар да музейдин аудиториясы. Музейдин фондулук негизине түп нускалуу фотодокументалдык материалдар, факультеттердин тарыхы боюнча альбомдору, китептер, документтер, сыйлыктар, куттуктоолор ж.б. маалыматтар камтылат. Музейден И.Арабаев атындагы КМУнун ректорлорун, атактуу бүтүрүүчүлөрүн жана эмгек сиңирген ишмерлер жөнүндө кеңири маалымат алууга болот.





МАЕКТЕШКЕН
**ЗАРИНА ЭСЕНБАЕВА**











## И.АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КМУНУН КЫЗМАТКЕРЛЕРИ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИНИН ТӨШ БЕЛГИСИ МЕНЕН СЫЙЛАНДЫ

И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде Эл аралык илим күнүнө карата уюштурулган «Билим берүүдөгү илимий-инновациялык тенденциялар» аттуу кереге кеңеште окуу жайыбыздын бир катар кызматкерлери Билим берүү жана илим министрлигинин "Илимдин мыктысы" жана «Билим берүүнүн мыктысы» төш белгилери менен сыйланышты:

1. Айгүл Дюшембиева «Илимдин мыктысы»
2. Маматкан Чоров «Илимдин мыктысы»
3. Жайна Садыкбек кызы «Билим берүүнүн мыктысы»
4. Айсулу Бейшенова «Билим берүүнүн мыктысы»
5. Айгуль Абдыкапарова «Билим берүүнүн мыктысы»
6. Акматов Руслан «Билим берүүнүн мыктысы»
7. Светлана Новикова «Билим берүүнүн мыктысы»
8. Айнур Каныбекова «Билим берүүнүн мыктысы»
9. Гульмира Шамканова «Билим берүүнүн мыктысы»

**КУТТУКТАЙБЫЗ!!!**



## И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КМУНУН РЕКТОРУ АЙГҮЛ АБДРАЕВА КР ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ УЛУТТУК АТТЕСТАЦИЯЛЫК КОМИССИЯНЫН АРДАК ГРАМОТАСЫ МЕНЕН СЫЙЛАНДЫ

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик аттестациялоо системасынын 30 жылдыгына арналган эл аралык илимий- практикалык конференция болуп өттү. Иш чарага КР Министрлер кабинетинин Төрагасынын орун басары Э. Ж. Байсалов, КР ЖК депутаттары, министрликтердин жана ведомстволордун, чет өлкөлүк элчиликтердин өкүлдөрү жана илим жаатындагы жетекчилер катышты. Иш-чаранын жүрүшүндө Мамлекеттик аттестациялоо системасынын калыптанып, өнүгүшүнө өзгөчө салым кошкондор сыйланышты. И. Арабаев атындагы КМУнун ректору Айгүл Абдраевага Улуттук аттестациялык комиссиянын Ардак грамотасы тапшырылды.



## ЧЫГЫШ ТААНУУ ЖАНА ЭЛ АРАЛЫК МАМИЛЕЛЕР ФАКУЛЬТЕТИНИН ДЕКАНЫ ЗАМИРБЕК АЛЫМКУЛОВ КР ПРЕЗИДЕНТИ САДЫР ЖАПАРОВДУН СЫЙЛЫГЫНА ЭЭ БОЛДУ

Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров 13-декабрда Улуттук телерадиоберүү корпорациясынын (УТРК) 90 жылдыгына байланыштуу телекөрсөтүү, радиоуктуруу, ошондой эле, билим берүү тармагынын бир катар кызматкерлерин сыйлыктар менен сыйлады.

И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин чыгыш таануу жана эл аралык мамилелер факультетинин деканы Замирбек Алымкулов КР Президентинин колунан энчилүү саат менен сыйланды.



## "МАНАС ЭПОСУ КЕЧЭЭ, БҮГҮН ЖАНА ЭРТЕҢ" АТАЛЫШЫНДА ИЛИМИЙ - ПРАКТИКАЛЫК КОНФЕРЕНЦИЯ ӨТКӨРҮЛДҮ

Аталган иш чарага Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик катчысы Сүйүнбек Касмамбетов, Филология илимдеринин доктору, Манас таануучу Советбек Байгазиев, Кыргыз улуттук "Манас" театрынын директору Азиз Биймырза уулу, университеттин ректору Айгүл Абдраева жана проректорлор, окутуучулар, студенттер катышышты.

Конференцияда «Манас» эпосу боюнча илимий баяндамалар жасалып, эпостун тарбиялык мааниси, кыргыз элинин салты жана нарктуулугу, маданияты тууралуу талкуу жүргүзүлдү.

Белгилей кетсек, Кыргызстанда жыл сайын 4-декабрь «Манас» эпосунун күнү катары белгиленип келет.

## ОКУУ ЖАЙЫБЫЗДА ЗАМАНБАП БАСКЫЧТА ЧЕТ ТИЛДЕРИН ОКУТУУДАГЫ НЕГИЗГИ КЫЙЫНЧЫЛЫКТАР ЖАНА АЛАРДЫ ЧЕЧҮҮНҮН ЖОЛДОРУ ТАЛКУУЛАНДЫ

18-ноябрда И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде Чет тилдер жана компьютердик лингвистика институту тарабынан уюштурулган «Заманбап баскычта чет тилдерин окутуудагы негизги кыйынчылыктар жана аларды чечүүнүн жолдору» аталышында чет тилдер мугалимдеринин методикалык семинары өттү.

Аталган семинардын ачылышына Билим берүү жана илим министри Уланбек Мамбетакунов, И.Арабаев атындагы КМУнун ректору Айгүл Абдраева катышып, азыркы глобалдаштыруу мезгилинде чет тилдерин окуткан мугалимдердин орду, ролу маанилүү экендигин белгиленди. Баарлашуу англис тилинде болду.

Семинардын максаты чет тилин окутууда студенттердин сүйлөө көндүмүн заманбап инновациялык технологияларды колдонуу менен өнүктүрүүгө багытталган методикалык ыкмалар жана көнүгүүлөрдү чет тили мугалимдерин (жаш адистерди) тааныштыруу жана студенттерге чет тилинде сүйлөөнү үйрөтүүнүн натыйжалуулугуна таасир этүүчү факторлорду аныктоо болуп саналат.

Чет тилдер мугалимдерине арналган методикалык семинарга №68, №5, №96, №87 №73, №94 орто мектептеринин жана колледждердин мугалимдери, ошондой эле, И. Арабаев атындагы КМУнун башка структураларынан окутуучулар катышты.



## ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН ТУУЛГАН КҮНҮНӨ АРНАЛГАН ИШ ЧАРА

12-декабрда И.Арабаев атындагы КМУда КР эл жазуучусу Чыңгыз Айтматовдун туулган күнүнө арналган иш чара болуп өттү. Ректор Айгүл Абдраева баштаган университеттин окутуучулары жана студенттери залкар жазуучуну эскерип, эстелигине гүл коюшту. Иш чара Чет тилдер жана компьютердик лингвистика институту тарабынан даярдалган программа менен коштолуп, институттун студенттери улуу жазуучунун өмүрү жана чыгармачылыгы тууралуу баяндамаларды жасады. Жазуучунун чыгармаларынан англис, немец, кытай тилдеринде эпизоддорду аткарышты.

## ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРЫНДА ЖАШТАР САЯСАТЫН ӨНҮКТҮРҮҮГӨ БАГЫТАЛГАН КООРДИНАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ ТҮЗҮЛДҮ

Кеңешке Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Эдиль Байсалов, Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министри Алтынбек Максутов, Билим берүү жана илим министринин орун басары Расул Абазбек уулу жана жогорку окуу жайлардын проректорлору катышты.



Аталган жыйында И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Мамлекттик тил, жаштар саясаты жана спорт боюнча проректору Жайна Садыкбек кызы окуу жайдагы жаштар саясаты жаатында аткарылып жаткан иштер тууралуу маалымат берди.

Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Эдиль Байсалов жаштар ишин жакшыртууда жогорку окуу жайлардын ролу чоң экендигин баса белгилеп, жыйынга катышып жаткан ЖОЖдордун өкүлдөрүн натыйжалуу иш алып барууга чакырды.

Өлкөдөгү жаштар саясатын өнүктүрүү боюнча түзүлгөн координациялык кеңештин аткара турган иш-чаралардын планы талкууланды. Кеңештин негизги максаты кыргыз мамлекетинде жаштар саясатын ишке ашыруу, жаштардын бар мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү жана дараметтерин көтөрүү экендиги белгиленди.

## И.АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КМУНУН ГЕОГРАФИЯ, ЭКОЛОГИЯ ЖАНА ТУРИЗМ ФАКУЛЬТЕТИНИН ОКУТУУЧУЛАРЫ Е.БӨКЕТОВ АТЫНДАГЫ КАРАГАНДА УНИВЕРСИТЕТИНДЕ БОЛУШТУ

И.Арабаев атындагы КМУнун География, экология жана туризм факультетинин география жана аны окутуунун технологиясы кафедрасынын башчысы, г.и.к., доцент Д.Солпуева, г.и.к., доцент Э.Токторалиев, б.и.к., доцент Г.Садыкова, ага окутуучу Н.Жумалиев, окутуучу Т.Кожогелдиев, факультеттин тарбия иштери боюнча координатору, окутуучу Бактыбек кызы Нургуль Казахстандагы Е.А.Бөкетов атындагы Караганда университетинин география жана биология факультетинин географ окутуучуларына жана студенттерине «Туруктуу өнүгүү боюнча билим берүү» деген темада семинар-тренинг өткөрүштү. Тренингге окуу жайыбыздын магистранты Имаш кызы Сайкал да катышып, магистранттардын окуусу, илимий изилдөө иштери менен таанышты.

Эки тараптуу кызматташтыкта 3 (бакалавр, магистр, PhD) деңгээл боюнча адистерди даярдоо, магистранттар үчүн кыска мөөнөттүү илимий-изилдөө иштерин өткөрүү, окумуштуулардын илимий макалаларын жарыка чыгаруу, жогорку деңгээлдеги конок лекцияларды уюштуруу боюнча макулдашуулар ишке ашты. Катышуучуларга сертификаттар тапшырылды.



## ТҮРКИЯДА ИШЕНАЛЫ АРАБАЕВДИН 140 ЖЫЛДЫГЫНА АРНАЛГАН ИШ ЧАРА ӨТКӨРҮЛДҮ

Түркиянын Стамбул Айдын университетинде Эл аралык кызматташтык келишиминин жыйыны болду. Аталган иш чарага И.Арабаев атындагы КМУнун Мамлекеттик тил, жаштар саясаты жана спорт боюнча проректору Жайна Садыкбек кызы, Манас таануу кафедрасынын башчысы Талант Рысбаев, окутуучулар Гүлзада Абдалиева, Венера Жумалиева жана Адис Самыйкановдор катышты.

Жыйындын программасына «Түрк дүйнөсүндөгү алфавит изилдөөлөрү: Ишеналы Арабаев» аттуу атайын бөлүк камтылып, анда агартуучуга арналган баяндамалар жасалды. Ошондой эле, университетибиздин тарых факультетинин окутуучулары тарабынан даярдалган «Ишеналы Арабаевдин 140 жылдыгы» аттуу көргөзмө тартууланды.



## «ИШЕНАЛЫ АРАБАЕВ ЖАНА АЛГАЧКЫ АГАРТУУЧУЛАР»






4-ноябрда М.В.Фрунзе атындагы үй -музейинде И.Арабаев атындагы КМУнун Э.Ж.Маанаев атындагы Тарых жана социалдык-укуктук билим берүү факультети менен биргеликте уюштурулган Ишеналы Арабаевдин 140-жылдыгына арналган «Ишеналы Арабаев жана алгачкы агартуучулар» аттуу фотодокументалдык көргөзмөнүн ачылышы болуп өттү. Көргөзмөдө И.Арабаевдин тарыхый архивдик фото сүрөттөрү, документтери, китептери, агартуучунун өмүрү жана ишмердиги тууралуу чыгарылган китептер, макалалар, гезиттер коюлду.

Көргөзмөгө Борбордук мамлекеттик архив кызматынан, Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинен, Улуттук китеп палатасынан атайын чакырылган өкүлдөр, И.Арабаев атындагы КМУнун Мамлекеттик тил, жаштар саясаты жана спорт боюнча проректору Жайна Садыкбек кызы, Тарых жана социалдык-укуктук билим берүү факультетинин деканы Назира Курбанова, тарыхчы Ж.Байдилдеев, окутуучулар жана студенттер катышты. Көргөзмөнү уюштуруу жана өткөрүү иштери факультеттин деканынын орун басары Темирбек уулу Идеат жана усулдук кабинеттин башчысы К.Тентимишова жүргүзүлдү.

Студенттерден Самыйбек кызы Айжаркын жана Алмазбек кызы Ширин И.Арабаевдин өмүрү жана педагогикалык ишмердиги тууралуу илимий баяндамаларды окушту. Студенттер концерттик программасын тартуулашты.

Көргөзмөгө Борбордук мамлекеттик архив кызматынан, Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинен, Улуттук китеп палатасынан, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинен атайын чакырылган өкүлдөр катышты. Көргөзмөнүн аягында И.Арабаев тууралуу даректүү тасма көрсөтүлдү.



## «ИШЕНАЛЫ АРАБАЕВ: БАА ЖЕТКИС ЭМГЕК, УНУТУЛГУС ӨМҮР»

14 декабрда И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин ректору Айгүл Абдраева Кыргыздын алгачкы агартуучу-илимпозу Ишеналы Арабаевдин 140 жылдыгына карата К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети тарабынан уюштурулган «Ишеналы Арабаев: баа жеткис эмгек, унутулгус өмүр» аттуу республикалык илимий-практикалык конференцияга онлайн форматта катышып, сөз сүйлөдү.

Аталган конференцияга университетибиздин Мамлекеттик тил, жаштар саясаты жана спорт боюнча проректору Жайна Садыкбек кызы, т.и.к. Аида Кубатова жана п.и.к. Миргүл Эсенгуловалар катышып, баяндама жасашты.

Ысык-Көл областынын ыйгарым укуктуу өкүлүнүн орун басары Айнура Султанбаеванын катышуусунда өткөн бул иш чаранын максаты И.Арабаевдин эмгектерин жана алардын маанисин, өмүр жолу боюнча изилдөөлөрдү жүргүзүүгө жол салуу, жаш муундарды үндөө болуп саналат.



## «ИШЕНАЛЫ АРАБАЕВ – АЛГАЧКЫ АГАРТУУЧУ»

Мындай аталыштагы семинар биздин окуу жай тарабынан уюштурулуп, Билим берүү жана илим министринин орун басары Расул Абазбек уулу, И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин ректору Айгүл Абдраева, М.Р. Рахимова атындагы Квалификацияны жогорулатуу жана кадрларды кайра даярдоо институтунун директору Гүльдана Акиева, ошондой эле Улуттук илимдер академиясынан, Бишкек шаарындагы жогорку окуу жайларынан жана ММК өкүлдөрү катышты.

Семинардын жүрүшүндө баяндамалар жасалып, агартуучунун ишмердигине арналган «Тарыхый элес» сүрөт көргөзмөсү орун алды.

Ал эми, облустардагы жана чет өлкөдөгү (Казакстан, Түркия) окуу жайлардын өкүлдөрү семинарга онлайн форматта катышты.

Илимий иш чара И.Арабаевдин 140 жылдыгынын алкагында университеттин, М.Р. Рахимова атындагы Квалификацияны жогорулатуу жана кадрларды кайра даярдоо институту тарабынан уюштурулду.



## «ИШЕНАЛЫ АРАБАЕВ-АЛГАЧКЫ КЫРГЫЗ ИНТЕЛЛИГЕНЦИЯСЫНЫН УСТАТЫ»

7-декабрда И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик университетинин Мамлекеттик тил жана маданият институту Бишкек шаарындагы мектептердин мугалимдери үчүн илимпоз И.Арабаевдин 140 жылдыгына карата «Ишеналы Арабаев-алгачкы кыргыз интеллигенциясынын устаты» аттуу семинар уюштурду. Семинарга Бишкек шаарындагы мектептердин мугалимдери, окуучулар катышты.

Семинардын максаты кыргыз жергесинде алгачкы мектептерди ачкан, бир катар жоопту кызматтарда иштеп, өлкөнүн коомдук жана саясий иштерине активдүү катышып, кыргыз мектептери үчүн мугалимдерди даярдай турган курстарды уюштурган, элдин сабатсыздыгын жоюу үчүн эмгектенген кыргыз элинин алгачкы агартуучу-илимпозу Ишеналы Арабаевдин ишмердигин окуучуларга жеткирүү болуп саналат.

Мындай иш чараларды уюштуруу ЖОЖ менен мектептерди байланыштырып, билим берүүнүн сапатын жогорулатуу, инклюзивдүү билим коомдорун калыптандырууга чоң мүмкүнчүлүктөрдү ачат.



## «ӨРНӨКТҮҮ ӨМҮР ӨЧПӨЙТ»

30-ноябрда Биология жана химия факультети И.Арабаевдин 140 жылдыгына карата «Өрнөктүү өмүр өчпөйт» аттуу конференция өткөрдү.

Аталган иш чарага университеттин окуу иштери боюнча проректору Талантбек Курманбек уулу, факультеттин деканы Маматкан Чоров жана башка окутуучулар, студенттер катышышты.

Конференцияда 4-курстардын кесиптик-профилдик практикасынын жыйынтыгы баяндалды.

Ошондой эле, студенттер тарабынан И.Арабаевдин 140 жылдыгына арналган баяндамалар жасалып, автордук ыр саптар окулуп, театрлаштырылган класстык сааттан үзүндү коюлду.

Иш чаранын сонунда студенттер факультеттин мактоо барагы менен сыйланышты.





## «И.АРАБАЕВ - КЫРГЫЗ АГАРТУУСУНУН БАШАТЫНДА»

9-декабрда Чыгыш таануу жана эл аралык мамилелер факультети тарабынан «И.Арабаев - кыргыз агартуусунун башатында» аттуу тегерек стол өткөрүлдү.

И.Арабаевдин 140 жылдыгына арналган бул иш-чаранын максаты агартуучунун кол жазмаларын, өмүрү чыгармачылыгын жана эмгектерин студенттерге таанытуу болуп саналат.

Тегерек столдо И.Арабаев тууралуу баяндамалар жасалды.

## АЛМАТЫ ШААРЫНДА «ИШАНАЛЫ АРАБАЕВ ЖАНА 20-КЫЛЫМДЫН БИРИНЧИ ЧЕЙРЕГИНДЕГИ КАЗАК-КЫРГЫЗ ИНТЕЛЛИГЕНЦИЯСЫНЫН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ» АТТУУ ЭЛ АРАЛЫК ИЛИМИЙ КОНФЕРЕНЦИЯ ӨТКӨРҮЛДҮ

29-ноябрда Алма-Ата шаарында Ч.Валиханов атындагы Тарых жана этнология институтунда И.Арабаевдин 140 жылдыгына карата эл аралык илимий конференция өткөрүлдү.

Аталган илимий иш чарага кыргыз-казак окумуштуулары, илимпоздору катышты.

И.Арабаев атындагы КМУнун атынан «Арабаев таануу» илим изилдөө институтунун директору, тарых илимдеринин кандидаты Жумагул Байдилдеев, педагогика илимдеринин кандидаты Миргүл Эсенгулова жана тарых илимдеринин кандидаты Салтанат Асековалар катышып, И.Арабаевдин басып өткөн жолу, ишмердүүлүгү тууралуу баяндамаларды жасашты.

Боордош казак туугандарыбызга терең ыраазычылык!



## «АЛА-ТООНУН АЛП АГАРТУУЧУСУ»

6-декабрда И.Арабаев атындагы КМУнун Педагогикалык колледжинде Ишеналы Арабаевдин 140 жылдыгына арналган «Ала-Тоонун алп агартуучусу» аттуу маданий иш чара өткөрүлдү.

Иш чарага университеттин окутуучулары, студенттер, тарыхчылар жана коомдук ишмерлер катышты.

Келген коноктор театрлаштырылган сцена, манас айтуу жана ыр-бийлер тартууланды.

Маданий иш- чарага активдүү катышкан студенттер грамоталар менен сыйланышты.



МИРГУЛЬ ЭСЕНГУЛОВА:

# ЭШЕНААЛЫ АРАБАЕВ КЫРГЫЗ ЭЛИ КЫЙНАЛЫП ЖАТКАН КЕЗДЕ АЛГАЧКЫЛАРДАН БОЛУП АНЫН ТУУСУН КӨТӨРҮҮ МЕНЕН ОКУП-ҮЙРӨНҮҮ, БИЛИМ АЛУУНУН МААНИСИН ЖОГОРУЛАТУУГА ЧОҢ САЛЫМЫН КОШКОН

**Миргуль Эсенгулова – педагогика илимдеринин кандидаты, И.Арабаев атындагы КМУнун педагогика кафедрасынын профессорунун милдетин аткаруучу. Диссертациялык ишинин темасы «Просветительская деятельность и педагогическое наследие Эшенаалы Арабаева». Эшенаалы Арабаев репрессияга кабылган белгилүү инсан болгондуктан, ал тууралуу маалыматтарды табуу абдан татаал болгон. Мындан улам, Миргуль Молутбековна Бишкек, Алматы, Уфа шаарларындагы архивдерде иштеп, Уфа шаарынан атактуу «Галия» медресеси, Эшенаалы Арабаев окуган окуу жайдын тарыхы, системасы менен таанышып, илимий макала даярдап, басып чыгарган. Кытайда да болуп, үркүн учурунда Кытайда жашап калган Арабаев тууралуу маалыматтарды топтогон.**

***- Саламатсызбы? Э.Арабаевдин агартуучулук жолу кантип башталганы боюнча кандай жаңы маалыматтарды таба алдыңыз?***

- Эшенаалы Арабаев эки жашында атасынан ажырап, энесинин колунда 10 жашка чейин тарбияланган экен. Ал өтө зээндүү жана тырышчаак болгондуктан, аны молдолук кесипке үйрөтүү үчүн апасы Караколго жиберет. Караколдогу мусулман мечитинин алдында беш жарым ай кызмат кылган жана кат тааныганды үйрөнгөндөн кийин, ошол жердеги татарлардын мектебинен 5 жыл чамасында билим алуусун улантkan. Андан соң Караколдогу жаңы ачылган мусулман жаңы ыкмалар менен окутуучу мектебинде бир жыл чамасында окуганы белгилүү болду. Анын зээндүүлүгүн байкаган мугалими Заиров Таирдин сунушу менен Россиядагы Оренбург шаарындагы мектепке жиберилген. Бирок ал жердеги окуу жайларга өтө албагандан кийин, Константинополго (Стамбул) барып, ал жердеги түрк диний мектебине 3-класска кабыл алынган. Алты ай чамасында окугандан кийин мусулман дүйнөсүнүн илимий борбору, ыйык шаарлары болгон Арабиянын Измир, Бейрут, Мекке, Медина шаарларында бир жарым ай чамасында болуп, зыярат жасап, кайрадан Константинополго келип, мурдагы окуусун улантkan.

Бирок Константинополдогу диний мектептин аягына чыкпастан, кайрадан Оренбург шаарына кетүүгө аргасыз болгон. Оренбург шаарында Хусейин медресесинде бир жыл чамасында окуусун улантып, билимин жогорулаткан.

Арабаевдин өзүнүн эскертүүсүндө Хусейин медресесинде казак элинин өкүлдөрү окуп, мектептин жалпы билим деңгээли жалаң гана диний окуусу менен чектелбестен Европа үлгүлөрүндөгү (светский) сабактарды окуганды жана ал мектепти бүтүргөндөрдүн жалпы билим деңгээли орус-түзем мектебинин 7-8 класстарын бүткөндөр менен барабар тургандыгын жазат.

Ушул учурда Эшенаалы Арабаевдин алгачкы агартуучулук ишмердүүлүгү башталат. Анын өзүнүн эскерүүсүндө жайкы дем алыш убактарында айылга келип, бир жыл чамасында балдарга сабак берүү менен каражат чогултуп, кайрадан окуусун улантуу максатында 1910-жылы июнда Уфа каласына келген. 1910-1912 жылдары (3 жыл бою) мусулман дүйнөсүнө белгилүү болгон Жогорку диндик мектеп- медресе «Галияда» сабак алган.

Белгилүү «Галия» медресесин бүткөндөн кийин өзү туулуп өскөн ата конушуна келип, агартуучулук иштерин баштаган.

***- Ал кезде атайын иштелип чыккан окутуу усулу болбогондон кийин Эшенаалы Арабаевдин сабак өтүү ыкмасы кандай болду экен?- деген суроо жаралат.***

- Эшенаалы Арабаев диндик окуулардан башка жаңыча билим берип, европалык ыкмалардагы жаңы сабактарды киргизген. Жаңы ыкмаларды колдонуп, элди окууга үгүттөгөн. Алгачкы эл агартуу тармагында чыйыр из салган алгачкы кадамдарын шилтеген.

1913-1916-жылга чейин азыркы Тоң районундагы аймакта жана Нарын өрөөнүндөгү балдарды окуткан. Замандаштарынын жана андан окууну бүтүп чыккан окуучуларынын эскерүүсүнө караганда, алгачкы учурда окуу боз үйлөрдө жүргүзүлсө, кийинчерээк окуучулар кадимки партага отуруп, доскага жазуу менен эсеп, география, жаратылыш таануу сабактарын үйрөткөн. Өзү даярдап басмадан чыгарган китептерди пайдаланып, тез жазууу жана жаңы окуу ыкмаларын өздөштүрүүгө киришкен. Тогуз-Булак, Төрт-Күл кыштактардагы мектепте (300 жакын), Тоң өрөөнүндөгү саяк, кыдык, Нарын өрөөнүнүн аян уруусунан окуучулар Арабаевден билим деңгээлин көтөрүшкөн.



- Э.Арабаевдин совет доорундагы агартуучулук ишмердүүлүгү жана улуттук билим берүү системасын түзүлүшүнө кошкон ролу тууралуу кененирээк айтып берсеңиз.

- Октябрь революциясынын жеңгендигин уккан Эшенаалы туулуп-өскөн жерине кайтып келет. Октябрь революциясынан кийин Кыргызстандагы улуттук интеллигенциянын алдында В.С.Познанский жакшы формулировкалаган төмөнкүдөй милдет турган: «Аскердик абалдын жоюлушу большевиктик программаны ишке ашыруунун баштоосу, балдарды жалпы мектепке тартуу жана окуганды жана жазганды билбеген чоң кишилерге жардам көрсөтүү аркылуу бүткүл элди окууга мүмкүндүк берди». Бул иште тажрыйбалуу методист, практик Э.Арабаев билим берүү тармагына биринчилерден болуп тартылган.

Мектеп окуучуларын жана чоң адамдарды окуу китептери менен камсыз кылуу маселесин чечүү менен Кыргыз Илимий комиссиясы алектенген. Эшенаалы Арабаев илимий комиссиянын жетекчиси катары төмөнкү милдеттерди аткарууга чоң салымын кошкон: илимий эмгектерди басып чыгаруу, мектептер үчүн окуу китептерин иштеп чыгуу жана басып чыгаруу, жыйналган фольклордук материалдарды басмага даярдоо, өлкөнүн турмушун чагылдырган макалалар, очерктер жайгашкан газета чыгаруу.

Э.Арабаевдин өмүр жолуна байкоо жүргүзүү менен совет доорундагы агартуучулук ишмердүүлүгү экинчи жана үчүнчү этапка туш келерин белгилеп, ондон ашык китептерди басып чыгурага жетишкенин баса белгилөө менен айта алабыз. Менин оюмча, Эшенаалы Арабаевге берилген миссия кыргыз улуттук билим берүү системасын түптөө болгон, ал ушул тапшырманы, милдетти чын жүрөктөн эмгек кылуу менен аткара алды деп эсептейм.

***- Э.Арабаевден биз эмнени үйрөнө алабыз?***

- Э. Арабаев эл агартуу иштерин жакшыртып, жаштарга билим берүүнү өркүндөтүү, алар үчүн жаңы мектептерди салдыруу, башка шаарларда ачылган орто жана жогорку окуу жайларына окууга жиберүү, кыска мөөнөттүү курстарды уюштуруу, мугалимдердин квалификациясын жогорулатып, методикалык чеберчилигин арттыруу боюнча да көп кызмат өтөгөн.

Ушул айтылгандардын негизинде Э. Арабаевдин Кыргызстандын эл агартуу жана маданият тарыхында ордун туура көрсөтүү үчүн мына буларды белгилеп айтууга болот.

1) 1911-жылы казак-кыргыз балдарына арналган «Алиппе йаки төтө окуу» китебинин жарык көрүшү кыргыз элинин окууга болгон кызыгуусун ойготуп, агартуу ишине чоң жаңылык киргизгендиги менен айырмаланат. Анын жарык көрүшү өз эне тилинде басылган китепти окуп, жаштардын тезинен сабатту болушун камсыз кылуу менен алгачкы окуу китеби гана эмес, андан кийин китеп жазган авторлор үчүн да үлгү болгон.

2) Окуучуларды сабаттуу болууга үйрөтүүдөн тышкары ар кандай адабий чыгармаларды, коомдук-саясий жана илимий-популярдык китептерден алынган кызыктуу материалдар менен тааныштырып, окуучулардын китепке болгон кызыгуусун жогорулаткан.

3) Э. Арабаев Кыргызстандын эл агартуу иштерине реформа жүргүзүп, жаңы усулдагы мектептердин санын көбөйтүү үчүн бардык күч-аракетин жумшап, бул багытта көп иштерди ийгиликтүү бүтүргөн.

4) Э. Арабаевдин котормо жаатында сиңирген эмгеги да бир топ. Анда математика, география, биологияга байланыштуу окуу-методикалык жана кошумча окуу куралдарды гана эмес, илимий-публицистикалык темада жазылган бир катар котормолору да бар.

5) Э. Арабаев «Эркин-Тоо» гезитинин редколлегиясынын мүчөсү болуп, мындай жаңы гезитти чыгарууга чоң салым кошкон. Гезиттин атын ушундай кылып атоо да анын сунушу боюнча болгондуктан, «Эркин-Тоо» деген көлөмдүү макаласын жазган.

6) Элдик оозеки чыгармаларды жыйноо жагынан да көп жылдар бою эмгектенип, улуттук каада-салттарды калыбына келтирүү үчүн аракеттенип, өзү иштеген. «Курмания» мектебинин окуучулары жана ошол мектепте чогултkan кружоктун катышуучулары тарабынан арбын материалдарды жыйноого жетишкен.

XX кылымдын башында кыргыз калкына алгачкылардан болуп агартуучулук жагынан шам-чырак сыяктуу жарык чачкан, кийинчерээк сабатсыздыкты жоюуга алгачкы эмгектерин жазып, тараткан Эшенаалы Арабаев өз мезгилининин агартуучусу катары жогору деңгээлде турган жана кыргыз улуттук интеллигенциясынын алгачкы уулу катары да Кыргызстандын тарыхында орду чоң.

МАЕКТЕШКЕН
**ЗАРИНА ЭСЕНБАЕВА**

# XX КЫЛЫМДЫН БАШЫНДА КАЗАК, ӨЗБЕК, ТАТАР, БАШКЫР АГАРТУУЧУЛАРЫ МЕНЕН ТЕҢТАЙЛАШЫП ЧЫККАН ЖАНА АЛАРДЫН АЛДЫҢКЫ САБЫНДА ТУРГАН – ЭШЕНААЛЫ АРАБАЙ УУЛУ

XIX кылымдын аягы – XX кылымдын баш ченинде улуу татар агартуучусу, жадидчилик кыймылынын башатында турган Исмаил Гаспралы (Гаспринский), өзбек агартуучусу, жадидчи М.Бехбуди, башкыр А.З.Валиди, казактардан чыккан А.Байтурсынов, М.Чокаев, М.Тынышпаев ж.б. менен удаалаш А.Сыдыков, А.Койбагаров, Э.Арабаев ж.б. сыяктуу кыргыздын азаматтары башка айдыңдар менен тыгыз байланыш түзүп, саясий аренага чыгышкан.

Агартуу иштеринен тышкары И.Арабаевдин Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн кайрадан түптөлүшүнө кошкон эбегейсиз зор салымы жөнүндө учкай кеп таштасак, алгач 1922-жылы Тоолуу Кыргыз облусун түзүү долбоорун жетектеген Абдыкерим Сыдыков менен үзөңгүлөш иш жүргүзүшүп, бирок долбоор ишке ашпай калган соң да, аракеттерин токтотушкан эмес.

Алар далай ирет борборго кат жолдошуп, кыргыз менен казакты айырмалай албаган жетекчилерге кыргыздын өз тили, аймагы, маданияты бар өзүнчө бир улут экендигин, эгер аларды казактарга же өзбектерге кошуп коё турган болсо, бир улуттун жок болуп кетүү коркунучу бар экендигин билдирип келишкен.



Совет бийлиги орногонго чейин эле Уфадагы «Галия» медресесинен чогуу билим алышкан казак интеллигенция өкүлдөрү менен байланышын андан ары бекемдеп, Эшенаалы Арабай уулу 1920-жылдары жарык көрүп турган «Ак жол», «Казак» ж.б. гезиттерге макалаларын байма-бай жарыялап турган.

Алардын бири «Ак жол» гезитинин 1924-ж. №486 санына жарыяланган «Кара-кыргыз алданбайт» деген макаласында «...кыргыздын жаралыш тарыхы эки жарым миң жыл экендигин» белгилеп келип, Өзбек Республикасына кошуу тууралуу аракет жасаган Али Хожаевге (орусча "Ходжаев") каршы пикирин тартынбастан билдирип кеткен.

Ага чейин ошол эле жылы гезиттин №477 санында жарык көргөн «Биздин кыргыздар кандай орун алат?» деген макаласында кыргыз калкынын эркүү облус болуп, Москвага карагандыгын жана элдин жалгыз гана малчылык эмес, дыйканчылыкта да зор үлүшү, ошондой эле аңчылык, балчылык, токойчулук да бар экендигин, айрыкча кен байлыктарга бай экендигин белгилейт.

1930-жылдары Кыргызстандагы саясий репрессиянын жүрүшүндө «Социал-Туран партиясын» уюштурган деген жалган жалаа менен алгачкылардан болуп, А.Сыдыков, Т.Сопиев, С.Курманов, К.Телтаев, Н.Тулин жана Эшенаалы Арабай уулу 1933-ж. камакка алынган.

Бул камоолордон көп өтпөй И.Арабаевдин сырдуу өлүмгө дуушар болушу тууралуу ар кандай пикирлер айтылып жүрөт. Айрымдары өзүн-өзү өлтүргөн дешсе, айрымдары агартуучуну атайын жок кылышкан дешет.

Биздин пикирибизче, мындай өз доорундагы жогорку билимге ээ, мусулмандык салтты да мыкты билген инсандын (замандаштары аны урмат менен «молдоке» деп аташкан) өз жанын өзү кыйуу жоругуна барышы дегеле мүмкүн эмес болчу. Экинчиден, өмүрүн, бүткүл дараметин кыргыз элинин жаркын келечеги үчүн арнаган адамга жогорудагыдай күнөөлөрдүн коюлушу ойго келбеген окуя болгон жана акталышына толук ишеним болмок. Үчүнчүдөн, бул адамдар саясий репрессиянын алгачкы курмандыктары болгондуктан, анын каардуу капшабы али белгисиз болгон (күч алган мезгили 1937–38-жылдар болгон).

Ошондуктан эл ичинде мындай кадыр-баркы жогору, өз көз карашы бар айдың сталинчил бийликке коркунуч жаратkandыктан, аны жок кылып салуу ыңгайлуу эле. Репрессиянын каардуу жылдары алды кыркка чыга элек, арты элүүдөн жаңыдан ашкан элдин алдыңкы сабында турган эр азаматтарынын бөөдө өлүмгө дуушарланышы совет бийлигинин чектен ашкан саясатынын зор трагедиясы.

Жогоруда учкай айтылгандар кыргыздын алгачкы агартуучусу, коомдук-саясий ишмери Эшенаалы Арабай уулунун иш аракеттеринин бир гана үзүмү. Ал эми анын коомдук-саясий ишмердүүлүгү, кыргыз мезгилдик басма сөзүнүн демилгечиси, китеп басмасынын баштоочусу экендиги тууралуу алдыда дагы да далай сөз жатат, урматтуу окурман.

**АИДА КУБАТОВА,**
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН ТАРЫХ ЖАНА МАДАНИЙ МУРАС ИНСТИТУТУНУН ИЛИМИЙ КЫЗМАТКЕРИ, ТАРЫХ ИЛИМДЕРИНИН КАНДИДАТЫ



## БЫЙЫЛ ПРЕЗИДЕНТТИН СТИПЕНДИЯСЫНА УНИВЕРСИТЕТИБИЗДИН ТӨРТ СТУДЕНТИ ЭЭ БОЛДУ

И.Арабаев атындагы КМУнун ректору Айгүл Абдраева 16-декабрда КР Президентинин стипендиясына ээ болгон университетибиздин төрт студентин куттуктап, аларга ийгиликтерди каалады.

Аталган стипендиянын ээлери: Абубакирова Назира - Педагогика факультети, Мадеминова Нуриза - Чет тилдер жана компьютердик лингвистика институту, Шайлообаева Айзада - Физика - математикалык билим берүү жана маалыматтык технологиялар факультети жана Айтакунова Сания - Физика - математикалык билим берүү жана маалыматтык технологиялар факультетинин студенттери.


Белгилей кетсек, 60 000 сом өлчөмүндөгү президенттик стипендия өлкөдөгү жогорку жайларынын 70 мыкты студентине тапшырылды.



## И.АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КМУНУН ИСКУССТВО ЖАНА ДИЗАЙН ФАКУЛЬТЕТИНЕ КАРАШТУУ Б.МИҢЖЫЛКИЕВ ЖАНА В.МУКОВНИКОВ АТЫНДАГЫ ВОКАЛДЫК МЕКТЕПТИН ОКУУЧУСУ РОЗА КОСАКОВА ИТАЛИЯНЫН САН-РЕМО ШААРЫНДА ӨТКӨН «FASI FINALI INTERNAZIONALI» АТАЛЫШЫНДАГЫ ДҮЙНӨЛҮК ВОКАЛИСТТЕРДИН СЫНАГЫНДА 4-ОРУНДУ ЖЕҢИП АЛДЫ.

Ректор Айгүл Абдраева университеттин жамаатынын алдында Роза Косакованы жана анын устаты, аталган вокалдык мектептин көркөм жетекчиси Вячеслав Палицынды куттуктап, аларга чыгармачылык ийгилик каалады.

Белгилей кетсек, мындай дүйнөлүк деңгээлдеги сынакка катышуу Кыргызстандын тарыхында буга чейин болгон эмес.



## БҮТКҮЛ РОССИЯЛЫК ОНЛАЙН ОЛИМПИАДАНЫН I ДАРАЖАДАГЫ ДИПЛОМУНА ЭЭ БОЛГОН СТУДЕНТИБИЗДИ КУТТУКТАЙБЫЗ!

Биология жана химия факультетинин табигый-илимий билим берүү багытынын 3-курсунун студенти Паизова Урматай химия предмети боюнча өткөрүлгөн Бүткүл Россиялык онлайн олимпиаданын I даражадагы дипломуна ээ болду. Урматайды ийгилиги менен куттуктайбыз!

### БИЗДИН СТУДЕНТТЕР ОЙ ТОЛГОЙТ



## МЕН СЫЙЛАГАН КЫРГЫЗ ЭЛИНИН АЛГАЧКЫ АГАРТУУЧУСУ ИШЕНАЛЫ АРАБАЕВГЕ 140 ЖЫЛ

Быйыл, Улуттун уңгусу, Эл агартуучулардын агасы, Ишеналы Арабаевге 140 жыл. Анын кылган эмгектери баа жеткис деп эсептейм. Өзүнүн тагдырында оош-кыйыш оор күндөрүндө дагы элим-жерим деп көзү өткөнчө талыкпастан эмгек кылган. Алиппенин башатын түзүп караңгы элге жарыкты көрсөтүп, тамга таанытып , элибизди илимбилимге үгүттөгөн инсан болгон. Сыймыктуу агартуучубуздун алиппеси кыргыз эле эмес, бүтүндөй түрк тилдүү элдеринин билимге умтулуусуна өбөлгө түзгөн. Кыргыз элинин чыгаан уулдарынын арасынан эң алгач болуп чет жака билим алууга умтулгандардын бири болгон Ишеналы Арабаев кыргыз эли кыйын күндө турганда жан аябай эмгек кылган.

Ишеналы Арабаев улуттун кызыкчылыгын бийик коюп, кыргыз элинин өз алдынча мамлекет болуусуна аракет кылган. Алаш партиясын түзүп, кыргыз элинин өз алдынча көз карандысыз мамлекет түзүүгө аракет кылган.

Ишеналы Арабаев кыргыз эли үчүн унутулгус залкарлардын бири. 140-жылдык маарекени ар бир кыргыз жараны майрамдоого тийиш. Билим менен илимдин түпкүрүнө жетип, тамга таанып, окууга чоң мүмкүнчүлүк түзгөн залкарыбызды унутууга мүмкүн эмес!

ТААЛАЙБЕК КЫЗЫ ГУЛЖАН - И.АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КМУНУН ЧЕТ ТИЛДЕР ЖАНА КОМПЬЮТЕРДИК ЛИНГВИСТИКА ИНСТИТУТУНУН СТУДЕНТТИК ПАРЛАМЕНТИНИН СПИКЕРИ, 4-КУРСУНУН СТУДЕНТИ

## ИШЕНАЛЫ АРАБАЕВДИН КЫРГЫЗ АЙЫЛ ЧАРБАСЫНА КОШКОН САЛЫМЫ

Бекер жеринен, Абдыкерим Сыдыков Ишеналы Арабаевди «кыргыз интеллегенциясынын молдокеси жана насаатчысы» деп айтпаса керек. Анткени, бул же тигил маселе курч мүнөзгө айланганда же айрым учурда көрүнүктүү жетекчилер түрдүү себеп менен бийликтен четтетилгенде И. Арабаевди ошол мезгилдеги саясий коомдук турмуштагы аброюн жогору баалап, чоң-чоң талаш маселелерде ал кишиге өз көз карашын айтууга сунуш кылышкан.

1930-жылы жаңы отурукташкан малчылардын суроолору жана Ишеналы Арабаевдин демилгеси боюнча Кант районундагы Ысык-Ата айыл советинин тоо арасындагы түз жерге «Четинди» деп аталган айыл чарба артели уюштурулган. Бул чарба асыл тукумдуу малдарын багуу жана алардын санын көбөйтүү боюнча адистештирилген «Четинди» айыл чарбасында тукуму жакшы малдар кыштын күнүндө жылуу сарайларда багылып, аларга жем, чөп, суу өз убагында жетиштүү берилген. Айыл чарбада иштеген эмгекчилерди ирилешкен чарбаларга бириктирүүдө кетирилген каталарды жоюу жана ал чарбаларда иштеген дыйкандардын эмгегин туура уюштуруу жана алардын эмгекетери боюнча акыны төлөөнү жакшыртуу үчүн Кыргызстандын өкмөтүнүн милдеттендирүүсү боюнча коомчулукка таанылган көп жооптуу кызматчылардай эле Ишеналы Арабаев да райондук, айылдык Советтердин жетекчиси кызматчыларына иш жүзүндө жардам көрсөткөн.



Ишеналы Арабаевдин демилгеси менен 1932-жылы «Четинди» колхозунда инженерлик иш жүргүзүлүп, суу түтүгүнөн суу ичүү аракетинде изилдөө болгон. Ошонун натыйжасында Кыргызстанда биринчи болуп «Четиндиде»колхозчулары бир булак суусун жаап, темир түтүктөр аркылуу тарттырып келип суу ичишкен. Тилекке каршы суу түтүгүнөн элдердин суу ичкенин өзү көрбөй калды, себеби куру жалаа менен камалып кеткен. Атабыздын акылынын терендиги, элдин камын ойлогондугу мына ушундан билинип турат.

САМЫЙБЕК КЫЗЫ АЙЖАРКЫН, И.АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ТАРЫХ ЖАНА СОЦИАЛДЫК УКУКТУК БИЛИМ БЕРҮҮ ФАКУЛЬТЕТИНИН 3 КУРСУНУН СТУДЕНТИ



## ЭМНЕ ҮЧҮН МУГАЛИМДИК КЕСИПТИ ТАНДАДЫМ?

«Бул жашоодо эки нерсени – өмүрлүк жубайды жана кесипти тандоодон жаңылбаш керек» деп айтылат элибизде. Анткени бул экөө ар дайым, өмүрүңдүн аягына чейин сени коштоп жүрөт. Мен кесип тандоодон жаңылган жокмун деп ойлойм.

Адам баласы напсиге тойбойт эмеспизби, ошондуктан көпчүлүк учурда акчасына карап кесип тандоого да туура келет. Бирок арабызда ишинен ырахат алып, элге ак дилден кызмат кылган адамдар дагы жок эмес. Албетте, алар ардактуу мугалимдер.

Мугалимдик кесип мени биринчи кезекте адамгерчилиги, адилеттүүлүгү, кызыктуулугу менен өзүнө тартып турат. Менин оюмча, мугалим болуш үчүн көп иштеп, өзүңдү өнүктүрүү керек. Албетте, каардуу, үстөмдүк кылганды сүйгөн, өзүмчүл адам мугалим боло албайт. Мен үчүн мугалим болуу – бул чыгармачыл окуучулар менен ар дайым чыныгы адамдык мамиледе болуу.

ИШЕНАЛЫ АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ ЖАНА МАДАНИЯТ ИНСТИТУТУНУН 3-КУРСУНУН СТУДЕНТИ КУБАТБЕК КЫЗЫ ЗАРИНА

## ИШЕНАЛЫ АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ - ПЕДАГОГИКА БАГЫТЫНДА МЫКТЫ МУГАЛИМДЕРДИ ДАЯРДАГАН №1 ОКУУ ЖАЙЫ

Студенттик күндөрүм эң мыкты көз ирмемдер менен коштолууда десем жаңылышпаймын. Бирден бир себеби мен кыргыздын сыймыктуу чыгаан инсаны, алгачкы агартуучусу айтылуу Ишеналы Арабаевдин атын алып жүргөн Кыргыз мамлекеттик университетинде билим алам. Бул менин сүйүктүү окуу жайым, өлкө боюнча педагогика багытында мыкты кадрларды даярдаган №1 университет. Өзгөчөлүктөрү өтө көп, заман талабына шайкеш келген бардык технологиялык жабдыктар менен жабдылган, студенттер үчүн көптөгөн шарттар түзүлгөн, материалдык камсыздандыруу да мыкты деңгээлде. Мен учурда биология жана химия факультетинин 2-курстун студентимин. Мен коомдук иш-чараларга катышып, мугалимдер менен тыгыз байланыш түзүп, университеттин студенттик кеңешинде премьер министрдин милдетин аткарып келем. Окуу жайдын атмосферасы мага абдан жагат, андагы ар бир адам өзүнүн өзгөчөлүгү менен айырмаланып турат. Студенттер дагы бири-биринен айырмаланып турат. Баары таланттуу, билим алууга дилгир, максаттуу жаштар. Ушундай



чөйрөнүн арасында анан кантип өнүгүү – өсүү болбосун... Бири-бирине сый-урмат менен мамиле жасаган, бирөөсүнүн оюн экинчиси колдогон инсандары көрүп кубанасың. Мугалимдер студенттерге жакшы мамиле жасашат. Мени ар тараптан колдоп, жардам көрсөтүп, акыл – насаатын айткан университеттин мугалимдер жамаатына терең ыраазычылык билдирем. Менин окуу жайым – менин сыймыктуу билим уям.

РАХМАНАЛИЕВА МИРГҮЛ - И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН БИОЛОГИЯ ЖАНА ХИМИЯ ФАКУЛЬТЕТИНИН 2 –КУРСУНУН СТУДЕНТИ

**СТУДЕНТТЕР МЕНЕН МАЕКТЕШКЕН ЖАШТАР ЖАНА СОЦИАЛДЫК-МАДАНИЙ ИШТЕР БӨЛҮМҮНҮН БАШКЫ АДИСИ МЭЭРИМ ТЫНАРБЕКОВА**

**БАШКЫ РЕДАКТОР:** Зарина Эсенбаева

**ЭЛЕКТРОНДУК ДАРЕК:** arabaevmedia@gmail.com

**ДИЗАЙНЕР:** Кубат Абышов

**НУСКАСЫ:** 1000
**БУЙРУТМА:** 1173

**РЕДАКЦИЯЛЫК КЕҢЕШ:**


**Редактор:** Абдил Шерматов
**Корреспондент:** Мээрим Сыдыгалиева
**Фотограф:** Улукбек Абдиев

Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде катталган № 10170
Кол жазмалар кайтарылбайт жана рецензияланбайт.
Окурмандардын жарыялаган макалалары редакциянын көз карашын билдирбейт жана ага редакция жооп бербейт.

**ДАРЕГИ:**
Бишкек шаары
И. Раззаков көчөсү 49

Гезит И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Медиа борборунда даярдалды. "Учкун" басмаканасында басылды, дареги Ибраимов көч. 24.

# ЖАҢЫ ЖЫЛДЫК КУТТУКТООЛОР



**АЙГҮЛ АБДРАЕВА**
**РЕКТОР, ФИЛОЛОГИЯ ИЛИМДЕРИНИН КАНДИДАТЫ, ПРОФ. М.А.**

Урматтуу кесиптештер, сиздерди келе жаткан жаңы жылыңыздар менен чын жүрөктөн куттуктайм!

Баарыбызды илгери үмүттөр, тилектер жана жаркын келечекке умтулууларыбыз менен бириктирип келген майрамыбыз бийик, ал эми келе жаткан жылыбыз жагымдуу көз ирмемдерге ээ болушун каалайм.

Өткөн жыл окуу жай үчүн жемиштүү, аракетке бай, жигердүү иштердин жылы болду. Алдыда жаңы милдеттер турат, алардын эң маанилүүсү – билим берүү сапатын көтөрүү.

Сиздерге жогорку кесиптик деңгээлдеги ак ниеттүү эмгектериңиздер үчүн чын дилимден ыраазычылык билдирүү менен, кирип келген жылы алдыга койгон максаттарыбыздын ишке ашырылып, ар бир күнүбүз бекем ден соолук, ийгилик менен коштолушун изги ниетимден каалайм!

**ТАЛАНТБЕК КУРМАНБЕК УУЛУ**
**ОКУУ ИШТЕРИ БОЮНЧА ПРОРЕКТОР, Т.И.Д., ПРОФ. М.А.**

Урматтуу кесиптештер, ардактуу студенттер! Сиздерди келе жаткан 2023-жаңы жылыңыздар менен чын жүрөктөн өзүмдүн жана окуу иштери боюнча эмгектенип жаткан кызматкерлердин атынан куттуктайм!

Ардактуу кесиптештер аркалаган ишиңиздердин үзүрүн көрүп, илимий көз караштын кеңдиги, талыкпаган олуттуу чыгармачылык, тынымсыз изденүү, билгичтик менен университетибиздин, мамлекетибиздин өнүгүүсү үчүн баранduу салымыңыздарды кошо бериңиздер!

Сүйүктүү студенттерибиз, магистранттарыбыз биздин университеттен өзүңүздөрдүн максаттуулук, эмгекчилдик, дилгирлик, активдүүлүк, үлгүлүү жүрүш-туруш менен бирге татыктуу билим-илимге ээ болгон адис катары калыптанасыңар деп ишенем!

Ар бириңиздерге ден соолук, кең ырыскы жана бакубат жашоо каалайм! Жаңырган жыл дайыма ийгиликтер менен коштолуп, алдыга койгон ой-максаттар орундалсын! Өлкөбүздүн келечеги кең болуп, өркүндөй берсин!

**АЙСУЛУ БЕЙШЕНОВА**
**ИЛИМ, ЭЛ АРАЛЫК КОММУНИКАЦИЯЛАР ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР БОЮНЧА ПРОРЕКТОР, Ф.И.Д. ПРОФ. М.А.**

Урматтуу кесиптештер! Жаңы 2023-жылдын алдында сиздерге чын жүрөктөн чыккан куттуктоо жана каалоо-тилектеримди сунам!

Жаңы жылда бекем ден соолук, бакубат жашоо, башталган ишиңиздердин ийгиликтүү аякташын жана алдыга койгон максаттардын алгылыктуу болушун каалайм. Келе жаткан жыл сиздердин эсиңиздерде ийгиликтүү, жемиштүү жыл катары кубанычтуу сезимдер менен сакталсын. Көздөгөн максаттарыңыздарга жетүү үчүн күч-кубатыңыздар артып, ишиңиздер ийгилик менен коштолсун!

**ЖАЙНА САДЫКБЕК КЫЗЫ**
**МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ, ЖАШТАР САЯСАТЫ ЖАНА СПОРТ БОЮНЧА ПРОРЕКТОР, Ф.И.К., ДОЦЕНТ**

Жаңы жыл – жаңы жашоо баштоого, жаңы жеңиштерге жетүүгө, жаңы идеяларды жаратууга дагы бир мүмкүнчүлүк. Эң башкысы жашоонун ар бир көз ирмемин баалай билели. Адамзаттын акылына, айкөлдүгүнө ишенип, жаңы жылыбыз акжолтой жыл болсун деп тилек кылалы.

Азыркы ааламдашкан информациялык технология менен инновациянын өнүккөн доорунда билимге умтулуу, туура жана татыктуу билимге ээ болуу бул – учур талабы экендиги талашсыз. Демек, замандын талабына шайкеш, мыкты билим алган адам гана жашоодо өз ордун таба алат.

Устаттардан калган улуу традицияларды сактап, заманбап илимий методиканы өркүндөтүү менен дүйнө жаштарынын оргуп турган таланттарын ачып жана аны такшалтып, коомго билимдүү жаштарды даярдап чыгарууда университет өз миссиясын татыктуу аткарып жатат десек ашыкча болбос.

Билимдүү жаштар менен өлкөнүн бардык тармагын өркүндөтүүгө болот. Андыктан, сапаттуу билим жана татыктуу тарбия алган жаштар өлкөбүздүн келечегине чоң салым кошот деп ишенем.

Ардактуу агартуучулар, кымбаттуу студенттер, илимдеги, билимдеги ийгиликтер менен бирге тынчтык, бейпилдик, адам баласына тийиштүү бактылуу күндөрдү каалайм! Ден соолугуңуздар бекем болуп, жыл бою Сиздерди кубанычтуу окуялар, позитивдүү эмоциялар коштоп жүрсүн!

**ЖЕҢИШ БЕКСУЛТАНОВ**
**ФИЗИКА-МАТЕМАТИКАЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА МААЛЫМАТТЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАР ФАКУЛЬТЕТИНИН ДЕКАНЫ, Ф.-М.И.К., ДОЦЕНТ**

Урматтуу кесиптештер, келе жаткан 2023-Жаңы жылыңыздар менен! Ушул жылы бардык каалоо-тилектериңиздер жана кыялдарыңыздар орундалып, Сиздерге жана сиздердин жакындарыңыздарга бакубат жашоо алып келсин. Түндүгүңүздөрдөн кут кирип, үйүңүздөргө ырыскы толуп, Жаңы-жылыбыз береке төккөн, жаркын маанай чачкан, ийгиликтерге бай жылдардан болсун. Ден-соолугуңуздар чың болуп, эмгегиңиздердин акыбети кайтып, өлкөбүздүн өсүп-өнүгүүсүнө өзүңүздөрдүн салымыңыздарды кошо беришиңиздерге тилектешмин!

**НАЗАР ДОГДУРБЕК**
**ПРОФСОЮЗ УЮМУНУН ТӨРАГАСЫ**

Сиздердин бүгүнкү күндө аткарып жаткан эмгегиңиздердин – келечек муунду тарбиялоого, аларга татыктуу билим берүүгө кошуп жаткан салымыңыздардын баасы чексиз.

Кирип келген жылыбыз – өткөн жылда ишке ашпай калган ой-тилектер, максаттар орундалган, жаңы-жаңы максаттар ишке ашкан, токчулуктун, молчулуктун, тынчтыктын жылы болуп, ар бириңиздердин ишиңиздерде ийгилик жылоолоп, үй-бүлөңүздөрдө бакыт нуру төгүлгөн, дасторкон үстү берекеге толгон жылдардан болсун. Ар бириңиздерге ден-соолук, аманчылык, кажыбас кайрат каалайбыз! Келечекте элибиздин жыргалчылыгы үчүн кызмат кылган адептүү, ыймандуу, илимдүү, билимдүү жаш муундарды өстүрүү менен өлкөбүздүн өнүгүшүнө өз салымыңыздарды кошо бериңиздер!

**НУРЖАН САРТБЕКОВА**
**ЧЕТ ТИЛДЕР ЖАНА КОМПЬЮТЕРДИК ЛИНГВИСТИКА ИНСТИТУТУНУН ДИРЕКТОРУ, П.И.Д., ПРОФЕССОР**

Жаңы жылыңыздар менен куттуктайм! Келерки жыл бизге бир жылда канча күндөр болсо, ошончолук кубаныч тартуулап, ар бир күн жылмаюу менен жакшылыктарды тартууласын деп тилейм. Бардык пландаштырган нерселерибиз ишке ашсын: биз баштагыбыз келгендин баары башталат, ал эми бүтүргүбүз келген нерсе бүтөт. Келерки жылы баарыбыз бактылуу, боорукер жана айланабыздагы адамдарга көбүрөөк көңүл буруп, дүйнө бизге жаңы эшиктерди ачсын!

**ӨМҮРБЕК КАРЫМШАКОВ**
**ГУМАНИТАРДЫК БИЛИМ БЕРҮҮ ФАКУЛЬТЕТИНИН ДЕКАНЫ, БИОЛ. ИЛИМ.КАНДИДАТЫ, ДОЦЕНТ**

Ардактуу кесиптештер жана студенттер, жаңы жыл жакшылыктын, ийгиликтин жылы болсун! Сиздерге бекем ден соолук, күч-кубат, кажыбас кайрат, терең изденүү, чыгармачылык ийгилик, үй-бүлөңүздөргө бакубат турмуш жана коомдук ишиңиздерде жогорку жетишкендиктерди каалайм!

Ардактуу биздин студенттер, алган билимиңерди тереңдетүү менен окуу жайдын профессордук-окутуучулук курамы сиздерди илимге, билимге сугарып келет, келечектин кесипкөй, мыкты адиси болушуңарга жол көргөзүп келгени талашсыз. Сиздер мыкты заманбап окуу жайды тандоо менен кесипкөй ар тараптуу адис болуп чыгышыңарды чын дилимден каалайм. Келе жаткан жылыбыз бардыгыбызга көптөгөн жагымдуу сезимдер менен жаңы таасирлерди алып келсин!

**АЙГҮЛ ДЮШЕМБИЕВА**
**МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ ЖАНА МАДАНИЯТ ИНСТИТУТУНУН ДИРЕКТОРУ, ФИЛОЛ. ИЛИМ.КАНД., ПРОФ.М.А.**

Урматтуу кесиптештер жана студенттер! Сиздерди келе жаткан 2023-жаны жылыңыздар менен куттуктайм! Сиздерге чын дилимден ден-соолук, бакыт, үй-бүлөнүздөрдө бакубат жашоо каалайм. Келе жаткан жаңы жылыбыз ийгилик, жакшылык, кубаныч алып келсин. Жаңы ой-тилектер, максаттар ишке ашып, биздин ардактуу жана жоопту ишибизди өнүктүрсүн. Жаны жылда бардык жакшы иштериңиздерди ийгиликтер коштосун. Жүрөгүңүздүн кубанычы, дасторконуңуздун берекеси жана үй-бүлөнүздүн кубанычы түгөнбөсүн. Ар дайым жакшы ниеттер коштоп жүрсүн. Жаны жылыңыздар менен жана жаны 2023-жылыбыз бактылуу көз ирмемдерди тартууласын!

**МАКСАТБЕК ТОЛОЕВ**
**ПЕДАГОГИКАЛЫК КОЛЛЕДЖДИН ДИРЕКТОРУ, П.И.К.**

Жаңы жыл - эң сүйүүктүү жана жаркын майрамдардын бири. Жаңы жыл баарыбызды жалпы үмүттөр, тилектер жана келечекке умтулууларыбыз менен бириктирип келген майрам. Өткөн жылыбыз дагы жемиштүү, аракетке бай, жигердүү иштердин жылы болду. Кирип келген жылы алдыга койгон максаттардын ишке ашуусун каалайм. Ар бириңиздерге ден соолук, тынчтык, бакыт, үй-бүлөңүздөргө сүйүү жана жылуулук каалаймын!

**ГУЛЬДАНА АКИЕВА**
**М.Р.РАХИМОВА АТЫНДАГЫ КАДРЛАРДЫ КАЙРА ДАЯРДОО ЖАНА КВАЛИФИКАЦИЯНЫ ЖОГОРУЛАТУУ ИНСТИТУТУНУН ДИРЕКТОРУ, ПЕД. ИЛИМ.ДОКТОРУ, ПРОФЕССОР**

Келе жаткан жылыбыз университетибиздин ишмердүүлүгүнүн баардык жаатында, биринчиден, билим берүү, илим, тарбия, маданият, сапаттык көрсөткүчтөргө жетишелик.

Жаңы жыл – жаңылануунун, үмүттүн, ийгиликтин жана жеңиштин жылы болсун.

Университетибиздин жалпы жамаатына ден-соолук, узун-өмүр, үй-бүлөөлүк бакыт, ынтымак каалайм. Республикабызда жана жакынкы, алыскы өлкөлөрдө орду чоң университеттибиздеги иштеген окутуучу кызматкерлер, келечек муундарды окутуу жана тарбиялоого өмүрүнүздөрдү арноо менен аруу-таза иш алып баруу менен бирге канчалаган ийгиликтерди жаратып келүүдөсүздөр.

Өлкөбүздүн өсүшүнө салым кошуу, көп улуттуу мамлекетибизде дайыма ынтымакта жашоо кечирүү, өзүбүздүн педагогикалык изилдөө иштерибиз менен мамлекетибизди жакшы жактан таанытууга болгон күчүбүздү жумшайбыз!

Кел, жаңы жыл күтүп жатат педагогдор жамааты,

Даярданып, мыкты окутуп жаштарды.

Жаңы жылым, сенде дем бар ажайып,

Жаркып маанай кереметтүү окуу жайдын жамааты.

Жаңы жылдын, жаркылдайбыз И.Арабаев жамааты,

Анткени, биз жаңы жылдын астында 140 жылдык өткөрүп той өткөрүп.

Уюткулуу окуу жайда салттуу, даңктуу ийгиликти санайлык,

Эшиктерди кенен ачып, куттукташып ынтымакта кызматташып туралык.

**ЧЫНАРБЕК ДУЙШЕНАЛИЕВ**
**ГУМАНИТАРДЫК КОЛЛЕДЖДИН ДИРЕКТОРУ, ПРОФ.М.А.**

Жаңы жыл сиздерге чын ден-соолук, үй-бүлөңүздөргө бакыт жана жакшылыктарды, иштериңиздерге албан ийгиликтерди, өлкөгө өнүүгүнү, тынчтыкты алып келсин. Окуу жайыбыздын келечеги кең болсун! Окуткан балдарыбыз аман-эсен, акылдуу, ыймандуу болуп, окуудагы чоң ийгиликтерге жетишип, келечекте кыргыз эли үчүн кызмат кылган уул-кыздардан болуусуна тилектешпиз. Сиздерди ар дайым оомат, ден-соолук, береке, ийгилик, ырыскы коштоп жүрсүн!

**МЕЛИС ОНОЛБАЕВ**
**ПЕДАГОГИКА ФАКУЛЬТЕТИНИН ДЕКАНЫ , ПЕД.ИЛИМ КАНДИДАТЫ, ДОЦЕНТ**

Сиздерди келе жаткан жаңы жылыңыздар менен чын ыкластан куттуктайбыз!

Жаңы жылда жоопкерчиликтүү ишиңиздерде жана окууларыңыздарда ири жетишкендиктердин ээси болушуңуздарды каалайбыз!

Сиздер менен биргеликте университетибиздин аброюн өстүрүп, ар бирибизге жумуштагы жана окууларыбыздагы жетишкендиктер менен сыймыктана тургандай турмуш кечирүү насип этсин. Жаңы жыл ар бир үй-бүлөгө ынтымакты, университетибизге изги ийгиликтерди, элибизге токчулукту, мамлекетибизге жана жалпы адамзатка тынччылыкты тартууласын. Ар убак бар болуңуздар, биримдикте бололу!

**ТЕМИРБЕК ЧОДУРАЕВ**
**ГЕОГРАФИЯ, ЭКОЛОГИЯ ЖАНА ТУРИЗМ ФАКУЛЬТЕТИНИН ДЕКАНЫ, ГЕО.ИЛИМ.ДОКТОРУ, ПРОФЕССОР**

География, экология жана туризм факультетинин жамаатынын жана жеке өзүмдүн атымдан босогодо турган Жаңы 2023-жыл менен чын ниеттен куттуктап кетүүгө уруксат этиңиздер!

Жаңы жыл кыргыз элине, жамаатыбызга жакшылыктарды, жаңылануулярды, жергебизге тынчтыкты тартуулап, ак жолтой жылдан болсун. Кыргызстан элинин жаркын келечеги жана өлкөнүн өсүп-өнүгүүсүнө багытталган ишибизди ийгиликтер коштосун. Баардыгыбызга кажыбас кайрат, чың ден-соолук, үй-бүлөбүзгө бакубат жашоо, жоопту ишибизде ийгиликтерди каалайм!

**МАМАТКАН ЧОРОВ**
**БИОЛОГИЯ ЖАНА ХИМИЯ ФАКУЛЬТЕТИНИН ДЕКАНЫ, ПЕД. ИЛИМ.ДОКТОРУ, ПРОФЕССОР**

Сиздерди келе жаткан жаңы жылыбыз менен куттуктаймын! Келе жаткан жыл сиздерге чың ден-соолукту, ийгиликтерди, бакубатчылыкты, тынчтыкты ала келген жылдардан болсун.

Университетибизде эмгектенип жаткан жалпы жамааттын бекем ынтымагы жана талыкпас аракети, студенттердин алга умтулуусу менен көп жакшы ийгиликтер жаралып, жетишкендиктер болуп жатат. Окуу жайыбыздын өсүп-өнүгүүсүнө баарыбыз жалпы салымыбызды кошо берели. Ааламда тынчтык болсун!

**ЗАМИРБЕК АЛЫМКУЛОВ**
**ЧЫГЫШ ТААНУУ ЖАНА ЭЛ АРАЛЫК МАМИЛЕЛЕР ФАКУЛЬТЕТИНИН ДЕКАНЫ, ФИЛОС.ИЛИМ. КАНДИДАТЫ, ДОЦЕНТ**

Жаңы жыл баарыбызды жаңы үмүттөр, тилектер жана келечекке умтулууларыбыз менен бириктирген майрам.

Эски жыл окуу жай үчүн анын ичинде факультетибиз үчүн дагы жыл болду. Келе жаткан жылда дагы алдыга койгон максаттарыбызга жеткен, ийгилик менен жакшылык алып келген жылдардан болот деп ишенебиз. Жаңы жылды жакшы ниеттер менен тосуп алуудабыз. Жаңы жылыбыздан көптү үмүт кылып, жакынкы жана эртеңки келечекке зор ишенич менен кадам таштайлы. Биздин мекенибиз – Кыргызстанды жана анын ичинде биздин окуу жайды чоң ийгиликтер күтүп турат деп терең ишенимдебиз.

Кирип келе жаткан жылыбыздын ар бир күнү жакшылыктар менен коштолуп, ар бирибиздин үйүбүзгө ынтымак, береке, ырыскы алып келсин. Кубанычтын издеринде жүрүп, чарчап-чаалыкканда, боорукердиктин башатынан, бакыттын агымынан суу ичип, жашоонун даңгыр жолунда кубанып жүрө берелик.

**КУБАТБЕК ДЖАКЫПОВ**
**ИСКУССТВО ЖАНА ДИЗАЙН ФАКУЛЬТЕТИНИН ДЕКАНЫ, П.И.К., ДОЦ.М.А.**

Жаратканым жаңы жылда жакшылыгын ыроолосун,

Келкел келип кыргызыма, кең келечек жылоолосун.

Кең жайылып дасторкондор, казан кайнап, булоолосун.

Окуу жайыбыздын ооматы бийиктесин,

Жамаатыбыз жаркын турмушта жашасын.

Илим-билим жаатында ийгиликтер коштосун.

Ынтымак, ырыскы, ыйман биримдигибизди ширетсин.

Ойлогон максат, тилеген тилектерге жетели.

**НАЗИРА КУРБАНОВА**
**Э.Ж.МААНАЕВ АТЫНДАГЫ ТАРЫХ ЖАНА СОЦИАЛДЫК-УКУКТУК БИЛИМ БЕРҮҮ ФАКУЛЬТЕТИНИН ДЕКАНЫ, Т.И.Д., ПРОФЕССОР**

Баарыңыздарды кирип келе жаткан 2023-жаңы жылыңыздар менен Тарых жана социалдык-укуктук билим берүү факультетинин жамаатынын атынан чын дилимден куттуктайм!

Ар бириңиздердин үй-бүлөңүздөрдө, иштеген ишиңиздерде алгылыктуу ийгиликтер, сыймыктуу жеңиштер болуусун тилейм! Мекенибиздеги педагогикалык жана түрдүү багыттардагы сапаттуу кадрларды даярдап жаткан университетибиздин өркөнүн өстүрүп, аброюн жогорулатып жаткан окутуучу-профессорлорубузга бекем ден соолукту, чыдамкайлыкты жана чыгармачылык ийгиликтерди каалайм!

Студенттерибизге тынымсыз аракет менен билим алып, келечекте коомдон өз ордун таап, Кыргызстанды өнүктүргөн мекенчил инсандардан болуусун каалайм! Жалпыбыздын бирдиктүү аракетибиз гана өнүгүүгө жол ачат, жаңы жылда баарыбызга ырыс-ынтымак болсун!

**ФЕЛИКС ТУРДУКУЛОВ**
**ЭКОНОМИКА ЖАНА МЕНЕДЖМЕНТ ИНСТИТУТУНУН ДИРЕКТОРУ, ПРОФЕССОР**

Быйылкы жыл жаңы ийгиликтердин, жетишкендиктердин, ачылыштардын, жеңиштердин башталгыч аянтчасы болсун! Жаңы жылда кандай гана иш болбосун талашсыз ийгиликтерге жетишип, пландар оңой жана так аткарылып, конкреттүү иштерге жана окуяларга айлансын. Сиздер үчүн жемиштүү жана берешен жыл болсун!

Тагдырдын кандай гана бурулушу болбосун сиздерди гүлдөп-өнүгүүнү, бакубатчылыкты жана келечекке ишенимди алып келе турган жагымдуу окуялар күтүп турсун. Сиздерге ден соолук жана баарыбызга керектүү жөнөкөй адамдык бакыт каалайм!

**АЙБЕК САМАРОВ**
**ЯПОНТААНУУ ИНСТИТУТУНУН ДИРЕКТОРУ**

Босогого кирип келген жаңы жылыңыздар менен куттуктайбыз. Биз, баарыбыз жаңы үмүт-тилектерибизди жаңы жыл менен байланыштырабыз. Анткени, ал ар дайым жаңы жигер жана жаркын келечекке ишеним алып келет. Жаңы 2023-жылы сиздерге чын ден-соолук, бактыталай, бакубат өмүр каалайбыз жана ойлогон ой, тилеген максаттарыңыздарга жетишиңиздерге тилектешпиз. Ар дайым иштерибизди ийгилик коштоп, жашоо-турмушубузду жакшылык гана жылоолосун!